ИРИ

006-276

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ, ИЛИМ ЖАНА ЖАШТАР САЯСАТЫ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ
( тең уюштуруучу – И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУ )

Д. 13.05.302 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ

Кол жазма укугунда
УДК 370:371,3:894,341

**Рысбаев Сулайман Казыбаевич**

# Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү

(улуттук балдар фольклорунун материалдарына таянуу менен)

13.00.01 – жалпы педагогика,
13.00.02 – окутуунун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

## АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек – 2006

Диссертация Кыргыз билим берүү академиясынын кыргыз тили, адабияты бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий кеңешчиси:** педагогика илимдеринин доктору, профессор, КРнын Эл мугалими Бекбоев И.Б.

**Расмий оппоненттер:** Х.Ф. Анаркулов, п.ид., профессор,
Н.И. Ишекеев, п.и.д.,профессор,
Л.Ү. Үкүбаева, филол.и.д., профессор.

**Жетектөөчү мекеме:** Нарын мамлекеттик университетинин педагогика жана психология, кыргыз адабияты жана аны окутуу методикасы, педагогика жана башталгыч билим берүү методикасы кафедралары.

Диссертация 2006-жылдын 14-сентябрында саат $13^{00}$дө Кыргыз билим берүү академиясынын (тең уюштуруучу – И. Арабаев атындагы КМУ) алдындагы Д 13. 05. 302 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

Дареги: 720040, Бишкек ш. Эркиндик проспекти, 25.

Диссертация менен КББАнын Илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2006 – жылдын "_____" ____________ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, педагогика
илимдеринин кандидаты,
улуу илимий кызматкер: Н.И. Ибраева.

# ИЗИЛДӨӨ ИШИНИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Атамекенибиз өзүнүн эгемендүүлүгүнө ээ болгондон тартып, саясий-экономикалык жактан да, рухий жактан да өз алдынчалыктуу өнүгүү багытына бет алды. Анын натыйжасында, келечек муундарына башталгыч мектептен тартып элдик маданий-материалдык дөөлөттөрдү таанытуу, мектепте улуттук таалим-тарбия берүүдө кылымдар бою калыптанган элдик мурастарды окуп-үйрөнүү багытын көздөгөн кайра жаралуу доору башталды. Өлкөбүздүн бүтүндөй коомдук-социалдык турмушунда чоң өзгөрүүлөр, жаңылануулар жүрдү. Кеңеш мезгилинде калыптанган коомдук-саясий баалуулуктар, нравалык-этикалык идеалдар, адеп-ахлактык чен-өлчөмдөр алмашылды. Мекенге атуулдук кызмат кылуу, ата салтын, эне адебин бекем тутуу вазийпасы бүгүнкү муундун алдына жаңы милдеттерди койду. Ал кылымдар бою калыптанып, бирок унутула баштаган улуттук нарктарды жаңы муунга таалим-тарбия берүүнүн негизги каражаттарынын бири катары кабылдоо, аны күндөлүк окуу-тарбия практикабызда ырааттуу колдонуу, элдик билимдерди адабият менен бирге айкалыштыра үйрөтүү маселеси алдыда турат. Учурда башталгыч мектептерде адабиятты окутуу процессинде жаш муундарга таалим-тарбия берүү практикабызды философиялык-педагогикалык өңүттө терең жана ар тараптуу иликтөө, андан келип чыккан илимий-методикалык концептуалдуу ой-сунуштарды ырааттуулукка салуу, этнопедагогика илиминин жетишкендиктерине таянуу менен өркүндөтүү ишин приоритеттүү багыттар катары алдыга коюу да көңүлдүн борборунда экендиги талашсыз.

Чындыгында, улуттук таалим-тарбия берүүчү атайын предмет мектепте жок. Анын милдетин, башталгыч класстардан тартып, айрыкча, кыргыз тили, адабий окуу предметтери мойнуна алат. Ошондуктан, эне тилибизди жана төл адабиятыбызды окуп-үйрөнүүгө концептуалдуу, жаңыча көз караштa мамиле жасоо зарыл. Элдик тилдин жана таалим-тарбиянын казынасы болгон оозеки адабиятты, анын ичинде, жомокторду, ырларды, накыл кептерди, табышмак-жаңылмачтарды окутууда алардын адабий-лингвистикалык табиятынан мурда дүйнөтаануучулук жана таалим-тарбия берүүчүлүк мазмунуна өзгөчө көңүл буруу айрыкча маанилүү. Андагы элдик педагогикалык идеяларды орундуу, максаттуу колдонуу менен, мектепте адабиятты окутууну этнопедагогикалык нукта өркүндөтүү проблемасын кыргыз

педагогика илиминин алдында учурдагы актуалдуу проблема катары коюу жана бул проблеманы илимий- методикалык негизде чечүү зарылыгы келип чыкты. Мектепте болсо, адабият, айрыкча, улуттук фольклордук чыгармалар адабий факт гана катары эсептелинип, анын таалим-тарбиялык маани-маңызы ачылбай келет. Мунун өзү адабияттын педагогикалык функциясын четке какканга барабар болмокчу. Ушундай көрүнүштөрдөн улам, биз улуттук балдар фольклорунун материалдарына таянуу менен, башталгыч мектептерден тартып адабият сабактарын этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү проблемаларын алгач ирет изилдөөнү алдыбызга койдук. Бул биздин доктордук диссертациялык изилдөөбүздүн актуалдуулугун аныктайт.

**Проблеманын илимий негизде изилденүүсүнүн учурдагы абалы.**

Кыргыз педагогика илиминде улуттук педагогикалык ойлор өткөн кылымдын 90 – жылдарына чейин атайын, ырааттуу изилдөөнүн объектисине алынбаса да, бир катар изилдөөлөр жүргүзүлүп, айрым эмгектер жарык көргөн болчу. А алыскы-жакынкы чет өлкөлөрдө эчак эле элдик таалим – тарбия идеялары системага салынып, фольклор элдик педагогикалык ойлордун казынасы катары атайын изилдөөнүн объектисине алынып, өз алдынча илим катары түптөлүп, калыптанып калганы белгилүү.

Педагогика илиминин негиздөөчүсү, чех элинин улуу педагогу Я.А.Коменский өз кезегинде элдик макал-лакаптар этнопедагогиканын жандуу хрестоматиясы экендигин биринчилерден болуп баалаган. Бул ойлорду И.Г.Песталоцци улантып, XIX кылымда К.Д.Ушинский тарабынан өркүндөтүлгөн. Ушундай эле элдик педагогикалык асыл нарктуу ойлор Л.Н.Толстойдун, А.В.Луначарскийдин, Н.К.Крупскаянын, Г.С. Виноградовдун, А.С.Макаренконун, В.А. Сухомлинскийдин ж. б. эмгектеринде андан ары ырааттуулукка салынган. Ошондой эле, изилдөөлөр дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн окумуштууларынын: А.А.Тольдун, А.Ф.Чемберлендин, У.Д.Хамлинин, К.Бойленин С.Стояндын, П.Александрдын, Г.Бамлердин, А.Ф.Афанасьевдин, М.И.Мельниковдун (Россия), Г.Н.Волковдун (чубаш), Я.Н.Ханбиковдун (татар), А.Ш.Гашимовдун (азербайжан), А.Ф.Хиндибидзенин (грузин), С.Калиевдин, А.Жарыкбаевдин (казак) ж.б. эмгектеринин негизги өзөгүнээлеген.

Кыргыздын элдик педагогикалык ойлорун системага салууга алгач ирет салым кошушкан окумуштуу-педагогдор А.Э.Измайловдун, Ж.Койчумановдун. Н.Имаеванын эмгектерин баса көрсөтүп айтуубуз керек. Элибиздин фольклордук, педагогикалык маданиятын диссертациялык изилдөөлөрдүн обьектисине айлантып, бир катар эмгектерин арнашкан Т.Ормонов, Ж.Бешимов, Ж.Саипбаев, Б.Апышев, К.Кадыралиев, З. Кусейновалар алгачкылардан болушту.

Өткөн кылымдын 80-90 – жылдары Кыргыз этнопедагогика илими түптөлүү багытында болду. Буга, ушул багытта максаттуу изилдөө жүргүзүшкөн: У.Эгембердиев, М.Рахимова, А.Калдыбаева, Ж.Орозбаев, А.Исаев, Н.Панкова, А.Аттокуров, А.Акматалиев, А.Алимбеков, А.Бердиев, С.Байгазиев, Т.Үмөтов, С. Иптаров жана М.Амердиновалардын илимий-методикалык эмгектери, проблемалуу макалалары күбө. Ал эмгектер бакчадан тартып, башталгыч, орто жана жогорку мектептерде жаш муундарга этнопедагогикалык билим берүү концепцияларын, мамлекеттик стандарттарын жана окуу программаларын түзүүнүн өбөлгөлөрү болду.

Учурда элдик педагогикалык идеяларды мектептеги окуу-тарбия иштеринде колдонуу иш-аркеттери жандана башталды. «Адамзаттын педагогикалык маданиятынын байыркы башаттарын» (Гегель), элдик акылмандыктын антологиясын элестеткен жомокторду, элдик ырлар менен накыл кептерди (макал-лакаптарды, тыюу, буюруу, бата сөздөрүн) эне тили сабактарында грамматикалык материалдар менен эриш-аркак окуп-үйрөнүү идеясы көтөрүлүүдө. «Элдик унгулуу тарбия маданиятын, улуттук рухий баалуулуктарды сактоонун бөтөнчө формасын», «адамды муундан – муунга мурасталган идеялардын, ишенимдердин, ыймандык-нарк дөөлөттөрдүн духунда тарбиялоого багытталган эмпирикалык жана практикалык иш-аракеттердин бөтөнчө системасын» (А.Алимбеков) жана "өзүнчө бир кайталангыс уникалдуу айдыңы түзүп жаткан адептик дөөлөттөрдү" (С.Иптаров) кенже курактан тартып балдардын акыл-сезимине жана рухий дүйнөсүнө сиңирүү проблемасы курч коюлууда. Атажуртунун патриоту, элдик адеп-ахлак салттарын тутунган, гуманизм идеяларын, элдик чечендик, акылман сөздөрдү, адал мээнетти бийик адамдык нарк деп баалаган улутжандуу кыргыз атуулун тарбиялоо идеясы бүгүнкү мектептерибиздин алдына бирден-бир келечектүү проблема катары көрүнүүдө. Аны эне тили предметинин мисалында чечүүнүн илимий-методикалык багыттарын практикага сунуш кылуу аракетин көздөгөн методикалык ыкмалар сунуш кылынууда.

**Изилдөөнүн алдында турган проблемалуу жагдай төмөндөгүчө**: учурда балдар фольклорун башталгыч мектепте окуп үйрөнүүдө жана окуу китептерде берүүдө аларга адабий факт катары гана маани берилип, анын негизинде жаткан элдик педагогикалык таалим-тарбия идеяларынын көңүлгө

педагогика илиминин алдында учурдагы актуалдуу проблема катары коюу жана бул проблеманы илимий- методикалык негизде чечүү зарылыгы келип чыкты. Мектепте болсо, адабият, айрыкча, улуттук фольклордук чыгармалар адабий факт гана катары эсептелинип, анын таалим-тарбиялык маани-маңызы ачылбай келет. Мунун өзү адабияттын педагогикалык функциясын четке какканга барабар болмокчу. Ушундай көрүнүштөрдөн улам, биз улуттук балдар фольклорунун материалдарына таянуу менен, башталгыч мектептерден тартып адабият сабактарын этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү проблемаларын алгач ирет изилдөөнү алдыбызга койдук. Бул биздин доктордук диссертациялык изилдөөбүздүн актуалдуулугун аныктайт.

**Проблеманын илимий негизде изилденүүсүнүн учурдагы абалы.**

Кыргыз педагогика илиминде улуттук педагогикалык ойлор өткөн кылымдын 90—жылдарына чейин атайын, ыраattуу изилдөөнүн объектисине алынбаса да, бир катар изилдөөлөр жүргүзүлүп, айрым эмгектер жарык көргөн болчу. А алыскы-жакынкы чет өлкөлөрдө эчак эле элдик таалим—тарбия идеялары системага салынып, фольклор элдик педагогикалык ойлордун казынасы катары атайын изилдөөнүн объектисине алынып, өз алдынча илим катары түптөлүп, калыптанып калганы белгилүү.

Педагогика илиминин негиздөөчүсү, чех элинин улуу педагогу Я.А.Коменский өз кезегинде элдик макал-лакаптар этнопедагогиканын жандуу хрестоматиясы экендигин биринчилерден болуп баалаган. Бул ойлорду И.Г.Песталоцци улантып, XIX кылымда К.Д.Ушинский тарабынан өркүндөтүлгөн. Ушундай эле элдик педагогикалык асыл нарктуу ойлор Л.Н.Толстойдун, А.В.Луначарскийдин, Н.К.Крупскаянын, Г.С. Виноградовдун, А.С.Макаренконун, В.А. Сухомлинскийдин ж. б. эмгектеринде андан ары ырааттуулукка салынган. Ошондой эле, изилдөөлөр дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн окумуштууларынын: А.А.Тольдун, А.Ф.Чемберлендин, У.Д.Хамлинин, К.Бойленин С.Стояндын, П.Александрдын, Г.Бамлердин, А.Ф.Афанасьевдин, М.И.Мельниковдун (Россия), Г.Н.Волковдун (чубаш), Я.Н.Ханбиковдун (татар), А.Ш.Гашимовдун (азербайжан), А.Ф.Хиндибидзенин (грузин), С.Калиевдин, А.Жарыкбаевдин (казак) ж.б. эмгектеринин негизги өзөгүн ээлеген.

Кыргыздын элдик педагогикалык ойлорун системага салууга алгач ирет салым кошушкан окумуштуу-педагогдор А.Э.Измайловдун, Ж.Койчумановдун. Н.Имаеванын эмгектерин баса көрсөтүп айтуубуз керек. Элибиздин фольклордук, педагогикалык маданиятын диссертациялык изилдөөлөрдүн



обьектисине айлантып, бир катар эмгектерин арнашкан Т.Ормонов, Ж.Бешимов, Ж.Саипбаев, Б.Апышев, К.Кадыралиев, З. Кусейновалар алгачкылардан болушту.

Өткөн кылымдын 80-90—жылдары Кыргыз этнопедагогика илими түптөлүү багытында болду. Буга, ушул багытта максаттуу изилдөө жүргүзүшкөн: У.Эгембердиев, М.Рахимова, А.Калдыбаева, Ж.Орозбаев, А.Исаев, Н.Панкова, А.Аттокуров, А.Акматалиев, А.Алимбеков, А.Бердиев, С.Байгазиев, Т.Үмөтов, С. Иптаров жана М.Амердиноваларлдын илимий-методикалык эмгектери, проблемалуу макалалары күбө. Ал эмгектер бакчадан тартып, башталгыч, орто жана жогорку мектептерде жаш муундарга этнопедагогикалык билим берүү концепцияларын, мамлекеттик стандарттарын жана окуу программаларын түзүүнүн өбөлгөлөрү болду.

Учурда элдик педагогикалык идеяларды мектептеги окуу-тарбия иштеринде колдонуу иш-аркеттери жандана башталды. «Адамзаттын педагогикалык маданиятынын байыркы башаттарын» (Гегель), элдик акылмандыктын антологиясын элестеткен жомокторду, элдик ырлар менен накыл кептерди (макал-лакаптарды, тыюу, буюруу, бата сөздөрүн) эне тили сабактарында грамматикалык материалдар менен эриш-аркак окуп-үйрөнүү идеясы көтөрүлүүдө. «Элдик унгулуу тарбия маданиятын, улуттук рухий баалуулуктарды сактоонун бөтөнчө формасын», «адамды муундан—муунга мурасталган идеялардын, ишенимдердин, ыймандык-нарк дөөлөттөрдүн духунда тарбиялоого багытталган эмпирикалык жана практикалык иш-аракеттердин бөтөнчө системасын» (А.Алимбеков) жана "өзүнчө бир кайталангыс уникалдуу айдынды түзүп жаткан адептик дөөлөттөрдү" (С.Иптаров) кенже курактан тартып балдардын акыл-сезимине жана рухий дүйнөсүнө синирүү проблемасы курч коюлууда. Атажуртунун патриоту, элдик адеп-ахлак салттарын тутунган, гуманизм идеяларын, элдик чечендик, акылман сөздөрдү, адал мээнетти бийик адамдык нарк деп баалаган улутжандуу кыргыз атуулун тарбиялоо идеясы бүгүнкү мектептерибиздин алдына бирден-бир келечектүү проблема катары көрүнүүдө. Аны эне тили предметинин мисалында чечүүнүн илимий-методикалык багыттарын практикага сунуш кылуу аракетин көздөгөн методикалык ыкмалар сунуш кылынууда.

**Изилдөөнүн алдында турган проблемалуу жагдай төмөндөгүчө**: учурда балдар фольклорун башталгыч мектепте окуп үйрөнүүдө жана окуу китептерде берүүдө аларга адабий факт катары гана маани берилип, анын негизинде жаткан элдик педагогикалык таалим-тарбия идеяларынын көңүлгө

алынбай келиши, баштооч мектепте окуучуларга эне тилин окутууда адабий билим берүү жана тилдик система тууралуу түшүнүктөрүн калыптандыруу менен чектелип, эне тили аркылуу балдарга улуттук педагогикалык маданиятты, анын рухий байлыктарын жеткиликтүү сиңирүү технологияларынын солгун болуп жатышы; салттуу педагогикалык технологияны өркүндөтүүдө балдардын дүйнөтаанымын, таалим-тарбиясын өркүндөтүүдө элдик усулдук ыкмаларды колдонуу талабы; окуу процессин жана окуу китептерин өркүндөтүп түзүүнүн зарылдыгы; мына ушулардын бардыгынын бирдиктүү технологиясын иштеп чыгуу эгемендүү мамлекетибиздин улуттук мазмундагы мектептеринин, окуу китептеринин, улутжандуу кыргыз атуулунун келечекки «рухий моделин» түзүү идеясынын күн тартибине коюлуусу, аларды практикага ырааттуу ашыруу, балдар фольклорубузду адабий-теориялык, лингвистикалык, этнопедагогикалык жана философиялык же таптык-социалдык жактан гана эмес, этнопедагогикалык жактан анализге жана синтезге муктаж экендиги, анын келип чыккан илимий-методикалык, педагогикалык сунуштар аркылуу улуттук фольклордук педагогикабыздын салттуу педагогикалык илимди өнүктүрүүгө кошор өз алдынчалыктуу салымын аныктоо болуп саналат.

Мына ушул проблемаларды чечүүгө багыттап: **"Башталгыч мектептерде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү (улуттук балдар фольклорунун материалдарына таянуу менен)** деген аталыштагы доктордук изилдөө ишибиздин темасын тандап алдык.

**Изилдөө ишинин максаты:** – кыргыз башталгыч мектептеринде кыргыз тили жана адабий окуу предметтеринен билим берүүнү улуттук балдар фольклорундагы таалим-тарбия идеяларын пайдалануу менен этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн педагогикалык, илимий-методикалык негиздерин жана багыттарын аныктоо, аны практикага киргизүүнүн жолдорун иштеп чыгуу.

**Изилдөө объектиси катары** жалпы билим берүүчү мектептердин кыргыз башталгыч класстары, бул класстарда кыргыз тили жана адабий окуу предметтерин өздөштүрүү процесси алынган.

**Изилдөөнүн предмети:** кыргыз балдар фольклорунун мыкты үлгүлөрү, анын ичинен; жомоктор, макал-лакаптар, балдар ырлары, табышмактар, андагы этнопедагогикалык идеялар, таалим-тарбия түрлөрү, аларды пайдалануу менен эне тили предметтеринен билим берүүнүнүн жана окуу китептерин



этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн илимий-методикалык проблемалары болуп саналат.

**Изилдөөнүн теориялык жыйынтыктары** элибиздин фольклордук педагогикасы менен илимий педагогиканын жана алардын жаш муундарды башталгыч мектепте тарбиялоонун философиясы менен тыгыз жана келечектүү байланышын жаңы өңүттөн чечүүгө арналмакчы.

**Ушул идеялардан улам төмөндөгүдөй илимий божомолдоолор келип чыкты:**

Башталгыч мектептерде улуттук балдар фольклорун окуп-үйрөнүү аркылуу кыргыз тили жана адабий окуу предметтеринен билим-тарбия берүүнү этнопедагогикалык нукта өркүндөтүүбүз, окуу китептерибизди жана башталгыч мектептерибизди улуттук мазмунда жаңылообуз төмөндөгү шарттарды аткарганда ишке ашышы мүмкүн, **эгерде**:

- кыргыз балдар фольклорун адабияттаануучулук, педагогикалык-философиялык, этнографиялык-этнопедагогикалык өңүттөн ар тараптан иликтөөгө алып, окуп-үйрөнүүнүн жана изилдөөнүн теориялык-методикалык, методологиялык багыттары аныкталса;
- улуттук педагогиканын жаш муундарга тарбия берүүдөгү салттуу маданияты менен илимий педагогиканын бай таалим-тарбия салттарынын бири-бирин толуктоодогу жалпылыктары ар тараптуу, терең анализдөөгө жана синтездөөгө алынса, алар пайдалануу менен эне тили сабактарында окуучулардын этнопедагогикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу иши бирдиктүү бир системага салынса;
- башталгыч мектепте эне тилин окутуунун этнопедагогикалык маани-мазмунун байытуу, каражаттарын, технологияларын өркүндөтүү, практикада аларды колдонуу проблемалары жаңыча чечилсе жана анын педагогикалык шарттары түзүлсө, балдардын этнопедагогикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу жолдору иштелип чыкса;
- башталгыч мектептерде эл адабиятын окуп-үйрөнүүнүн тарыхый таржымалын, окуу китептерге берилишин, учурдагы ал-абалын илимий негизде иликтеп жана жалпылап, аны практикада колдонуунун келечектүү илимий-методикалык проблемалары чечилсе;
- окуучулардын этнопедагогикалык билимин калыптандыруунун жана өркүндөтүүнүн негизги каражаттарынын бири катары кыргыз тили, адабий окуу боюнча окуу китептеринин

жаңы мазмундагы улуттук үлгүсү түзүлсө, алар практикага ырааттуу киргизилсе.

**Аталган илимий божомолдоолорго жетүү үчүн төмөндөгүдөй милдеттер чечилүүгө тийиш:**

– балдар фольклорунун илимий-педагогикалык адабияттарда таалим- тарбиянын жана дүйнөтаанытуунун негизги каражаттарынын бири катары этнопедагогикалык өнүттө изилденүүсүнүн, анын башталгыч мектепте окуп-үйрөнүлүшүнүн багыттарын, эне тили окуу китептеринде берилишинин абалын аныктоо;

– кыргыз балдар фольклорунун өзөгүн түзгөн элдик педагогикалык маданиятыбыздын таалим-тарбия салттарын, эл адабиятынын билим берүүчүлүк функциясын, учурдагы окуучулардын этнопедагогикалык билимдеринин абалын анализге алуу жана илимий-педагогикалык таалим-тарбия жоболорунун жалпылыктары менен өзгөчөлүктөрүн илимий жана элдик педагогиканын урунттуу түшүнүктөрүнүн негизинде салыштырып аныктоо;

– буга чейин жана учурда башталгыч мектептерде кыргыз тили жана адабий окуу сабактарында балдар фольклорун окуп-үйрөнүүнүн, алардын окуу китептерде берилишинин тарыхын иликтөө, абалын аныктоо жана фольклордук чыгармалар аркылуу окуучулардын этнопедагогикалык маданиятын калыптандыруунун, эне тили сабактарынын улуттук таалим-тарбия берүүчүлүк мазмунун терендетүүнүн жолдорун, каражаттарын табуу;

– окуучулардын этнопедагогикалык билим-тарбиясын калыптандыруунун жана өркүндөтүүнүн негизги каражаты катары эне тили окуу китептерин түзүүнүн жаңыланган улуттук үлгүсүн, дидактикалык-методикалык принциптерин, методикалык аппаратын иштеп чыгуунун, окуу материалдарын тандоо критерийлерин аныктоонун келечектүү проблемаларын чечүү;

– эне тили сабактарындагы класстан тышкаркы окууларда элдик чыгармаларды окуп-үйрөнүү аркылуу балдарга элдик таалим-тарбиянын түрлөрүнө жараша тарбия берүүнүн методикалык жолдорун, каражаттарын, ыкмаларын иштеп чыгуу, аны практикага сунуш кылуу.

– бул аталгандарды сыноо үчүн педагогикалык эксперимент уюштуруу, анын натыйжасында эне тилин окутууну этнопедагогикалык нукта өркүндөтүү боюнча илимий – методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн теориялык жаңылыгы:**

- кыргыз балдар фольклорунун өзөгүн ээлеген элдик таалим-тарбиянын бүгүнкү күндөгү рухий маанисин, практикалык



ролун жана педагогикалык илимдин өнүгүүсүндөгү ордун, теориялык-методикалык баалуулугун, өз алдынчалуулугун илимий негизде иштеп чыгуу менен, кыргыз этнопедагогика илиминин андан ары өнүгүүсүнө жекече салым кошуу;

- мектепте окуучулардын этнопедагогикалык маданиятын калыптандыруунун жана эне тилин окутууну бул багытта өркүндөтүүнү комплекстүү жүзөгө ашыруунун синкреттүү формасы болуп саналган эне тили окуу китептерин улуттук мазмунда түзүүнүн дидактикалык-методикалык жаңыча үлгүсүнүн, талаптарынын иштелип чыгышы;
- адабий материалдарды окутууну этнопедагогикалык багытта өркүндөтүүдө элдик педагогиканын тарбия-таалим түрлөрүн колдонуунун илимий негизде алгач ирет изилденип, бирдиктүү бир системага салынып жатышы жана практикага сунушталып отурушу.

**Изилдөөнүн практикалык баалуулугу.**

Изилдөөнүн жүрүшүндө жетишилген натыйжалар жана сунуш кылынган жоболор:

- балдар фольклорун этнопедагогикалык нукта изилдеп-үйрөнүүдө, башталгыч мектепте эне тилин окутууда жана окуу-тарбия иштерин өркүндөтүүдө багыт берүүчү методикалык эмгек боло алат;
- мектеп мугалимдеринин этнопедагогикалык даярдыгын көтөрүүдө жогорку жана педагогикалык орто окуу жайларында, кайра даярдоо, билимди жогорулатуу курстарында, илимий методикалык семинарларда кенири колдонулса болот;
- жаңы муундагы, улуттук мазмундагы "Эне тили", "Адабий окуу" китептерин, окуу-усулдук адабияттарды, дидактикалык материалдарды, хрестоматияларды кайра түзүүдө анын түзүүчүлөрү, авторлору тарабынан жетекчиликке алынса болот.

**Изденүүчүнүн жекече салымы:** улуттук балдар фольклорун алгач ирет доктордук диссертациялык денгээлде этнопедагогикалык негизде изилдөөгө алышы, аны окуп-үйрөнүүнүн жана изилдөөнүн багыттарынын аныкталышы, эне тили окуу китептерин улуттук мазмунда түзүүнүн принциптеринин жана эне тили сабактарын этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн методикалык жол-жоболорунун иштелип чыгышы, анын практикага сунуштап отурушу.

**Изилдөөбүздүн методологиялык негизи катары** материалисттик дүйнөнү диалектикалык таанып билүү теориясы, адабият менен искусствонун, анын ичинде, элдик оозеки

чыгармалардын реалдуу турмушту чагылдыруудагы жана дүйнөнү таанып-билүүдөгү ролу;

• философиядагы, эстетикадагы, педагогикалык илимдеги, психологиядагы, адабияттаануудагы элдик оозеки адабият, улуттук педагогика, улуттук психология жаатындагы соңку иликтөөлөр, алардын мааниси;

- улуттук тил, улуттук маданият, алардагы инсандын гумандуу сапаттарын өнүктүрүүдөгү этнопедагогикалык приоритеттүү идеялар;
- дүйнө элдеринин окумуштууларынын этнопедагогикалык таалим-тарбия боюнча жыйынтыктуу жана урунттуу теориялык ойлору;
- жаңыланган, көз карандысыз республикабыздын мамлекеттик символдорунун кайра түзүүчүлүк мааниси, улуттук тилди, маданиятты, элдик салт-санааларды, билим берүүнү өнүктүрүү боюнча Мамлекеттик программалар, концепциялар, мамстандарттар, тарбия концепциясы, тарбиялап окутуу жана инсанга багытталган билим берүү методдору, окутуунун интерактивдүү багыты, Кыргыз Мамлекеттүүлүгү идеясы ж.б. мыйзамдык документтер алынды.

**Изилдөөдө колдонулган методдор:**

**а/ *теориялык методдор;***

• көркөм адабияттын, анын ичинде, балдар фольклорунун дүйнөтааныутуучулук, инсанга таалим-тарбия берүүчүлүк маанисин философиялык-педагогикалык, теориялык методикалык жактан иликтөө, жалпылоо;

• инсанга тарбия берүү, дүйнөтаануудагы элдик дидактика менен илимий педагогиканын жоболорун, мүнөздүү фактылары аркылуу салыштыруу, иликтөө, талдоо жана синтездөө;

• элдик тарбия маданиятынын мүнөзүн жана тарбия-таалим түрлөрүн системалоо, учурдагы башталгыч мектептерде улуттук жана жалпы адамзаттык идеяларга таянып билим-тарбия берүүгө, балдардын этнопедагогикалык маданиятын калыптандырууга, аны өркүндөтүүгө, улуттук мазмундагы окуу китептерин түзүүгө системалуу, комплекстүү мамиле жасоо;

**б/ *практикалык методдор:***

• мектеп мугалимдери жана окуучулар менен ангемелешүү;

• анкета жүргүзүү, алардын жыйынтыктарын анализдөө, синтездөө;



• окуу-тарбиялоо процессине байкоо жүргүзүү, балдардын фольклордук чыгармаларга, алардын каармандарынын жүрүм-турумуна жасаган эмоционалдык мамилелерин жана нравалык-этикалык, эстетикалык баа берүүлөрүн талдоо, жалпылоо;

• педагогикалык эксперимент жүргүзүү, анын рейтингдик жыйынтыктарын, мониторингдик көрсөткүчтөрүн сандык жана сапаттык жактан иликтеп-талдоо.

**Коргоого төмөндөгүлөр алынып чыгат**:

- кыргыз балдар фольклорунун өзөгүндө жаткан этнопедагогикалык идеялардын учурдагы эгемендүү республикабызда жаңы муунга улуттук таалим-тарбия берүүдөгү приоритеттүү багыттары, алардын окуп-үйрөнүү жана иликтенүү тенденциялары, тарыхый таржымалы, учурдагы абалынын анализи;
- кыргыз балдар фольклорунун улуттук мазмуну жана жалпы адамзаттык баалуулуктар, анын педагогика илиминдеги өз алдынчалуу багыттары; элдик жана илимий педагогикалык көз караштардын, тарбия системасынын инсанды тарбиялоодогу жандуу жалпылыктары, алардын улуттук фольклордун, педагогикалык идеялардын жалпы адамзаттык маданиятка жана педагогикалык ойлорго кошор үлүшү, орду; жаш муундарга улуттук билим-тарбия берүү зарылдыгы тууралуу приоритеттүү коомдук талаптар, алардын негиздүү, келечектүү жана максатка багытталган идеялары;
- фольклордук педагогикалык ойлорго жана элдик маданиятка системалуу, комплекстүү жаңыча мамилелер, аларды күндөлүк жандуу мектеп практикасына киргизүү, колдонуу жана андан ары өркүндөтүү жолдору;
- улуттук мазмундагы кыргыз тили, адабий окуу предметтерине коюлган талаптардын, окуу китептеринин мазмунунун, түзүлүшүнүн жаңыча улуттук үлгүсү, аларды түзүүнүн принциптери, технологиялары, методикалык аппараты, элдик-философиялык-педагогикалык идеяларды чагылдыруудагы педагогикалык шарттары.

**Диссертациялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын практикага жайылтылуу абалы:**

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө кыргыз эл педагогикасынын негизги багыттары боюнча кеңири теориялык изилдөөлөр, жалпылоолор жүргүзүлдү. Ошого жараша теориялык жыйынтыктоолор, практикага киргизилүүчү илимий-методикалык

натыйжалар алынды. Анын негизги жыйынтыктары теориялык негизде жана практика жүзүндө колдонулду.

Изилдөө иши, негизинен, 1990 – жылдан бери карай теориялык иликтөө, жалпылоо түрүндө жүргүзүлүп, анын негизинде башталгыч кыргыз класстары үчүн эне тилинин программасы, эне тили боюнча «Алиппе» жана "Кыргыз тили" (1-2-3 – кл) окуу китептери, орус мектептеринин башталгыч класстары үчүн (1-4 – кл.) "Кыргыз тилинде сүйлөйбүз", "Кыргыз тили" окуу китептери, бардыгы – 7 окуу китеби, 6 монография, 5 хрестоматия, 4 методикалык колдонмо, 40тан ашуун илимий-педагогикалык, методикалык макалалар илимий-методикалык жыйнактарда жана коомдук-саясий, маданий журналдарда, «Кабарларда» («Вестник») жарыяланды.

**Изилдөө иши үч этапта жүрдү**. Анын ар бир этабында өзүнүн мүнөзүнө жараша тиешелүү проблемаларды чечүү максаттары коюлуп, иш жүзүндө алар ырааттуу аткарылды.

**Изилдөөнүн биринчи - аныктоочу этабы эки багытта өттү, т.а.** темага ылайык философиялык, педагогикалык, теориялык-педагогикалык адабияттарды, окуу китептерин, усулдук, окуу-нормативдик адабияттарды иликтөө жана жалпылоо, ошондой эле учурда башталгыч мектепте эне тилин окутууда балдар фольклорун окуп-үйрөнүүнүн, балдарга этнопедагогикалык таалим-тарбия берүүнүн абалын, балдардын этнопедагогикалык билим--тарбиясынын деңгээлин аныктоо үчүн иликтөөлөр жүргүзүлдү.

Байкоо иштерибиз Бишкек шаарындагы УКГ – 5 (**таза кыргызча),** №67 (**кыргызча-орусча жарыш окуган**), Токтогул райондорунун Канаша, З.Эгембердиев (**таза кыргыз айылдарында**) жана Кант шаарындагы №2, Токмок (**түрдүү улуттардын өкүлдөрү жашаган** ) шаарынын №5 мектептеринде салыштырмалуу мүнөздө өттү, ага 500 дөн ашуун окуучулар, мугалимдер жана ата-энелер катышты.

**Изилдөөнүн экинчи этабында** биринчи этаптагы изилдөөлөрдүн натыйжасында келип чыккан проблемалуу жагдайларды чечүү милдеттери ишке ашырылды, т.а. элдик-таалим-тарбия түрлөрүн колдонуп, эне тили сабактарындагы мектеп тарбиясын өркүндөтүү боюнча илимий изилдөө жүргүзүлдү. Мектеп мугалимдеринин жана окуучулардын этнопедагогикалык билимдерин өркүндөтүү жолдорун камтыган педагогикалык сунуштар иштелип чыгарылды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктоочу этабында** жогорудагы эксперименттик байкоо жүргүзүлгөн мектептерде кайрадан жалпылоочу сынактар өткөрүлдү, изилдөөнүн жыйынтыгы диссертацияда ырааттуу чагылдырылды. Аны менен ар бир



бөлүмдө кенен таанышууга болот. Эксперименттин натыйжасында тиешелүү илимий-методикалык сунуштар иштелип чыкты, ал идеялар монографияда камтылды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарында** алдыга коюлган проблеманын ийгиликтүү чечилгени, максатка толук жетишкенибиз, бардык милдеттер аткарылгандыгы белгиленди жана илимий божомолдообуз туура экендиги ырасталды.

**Диссертациянын түзүлүшү:** диссертация үч бөлүмдөн, он үч параграфтан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Жалпы көлөмү – 350 бет, анын ичинде пайдаланылган адабияттар – 10 бет, тиркемелердин саны – 12.

**Киришүүсүндө** изилдөөгө алынган теманын актуалдуулугу, коюлган проблема, максаты, обьекти, предмети, методологиясы жана методдору аныкталган, алдыга коюлган гипотезасы, изилдөө максаты жана милдеттери белгиленген, изилдөөнүн жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого алынып чыгуучу жоболор ачылган, диссертациянын идеялары чагылдырылган автордук эмгектердин тизмеси сунуш кылынган.

**Биринчи бөлүмү** "Башталгыч мектептерде окутуу менен тарбиялоону этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн теориялык өбөлгөлөрү жана практикалык маани-маңызы" деп аталат да, жалпы эле балдар фольклорунун таалим-тарбия берүүчүлүк, дүйнөтаанытуучулук мааниси, кыргыз балдар фольклорунун филологиялык-педагогикалык, философиялык жактан изилдениши, кыргыз элинин улуттук педагогикалык салттары туурасында сөз болот.

**Экинчи бөлүмү "**Кыргыз балдар фольклору аркылуу башталгыч класстарда окуучуларга улуттук таалим-тарбия берүү менен илимий педагогиканын карым-катышы жана аны практикага киргизүү жолдору" деп аталып, ал, негизинен, кыргыз башталгыч класстарында улуттук фольклорду окуп-үйрөнүүнүн тарыхына, учурдагы абалына, кенже балдардын этнопедагогикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу проблемаларына, анын мектеп тарбиясында артыкчылыктуу маселе экендигине, бул багытта эне тили окуу китептеринин мааниси, аларды этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн багыттарын, негизги принциптерин аныктоого арналган.

**Үчүнчү бөлүмү** "Кыргыз фольклорундагы элдик таалим-тарбия үлгүлөрүн эне тилинен класста жана класстан тышкаркы окууда пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү жана практикасы" деп аталып, кыргыз элинин таалим-тарбия түрлөрү, чыгармалардагы Атамекенди сүйүү, балдардын экологиялык маданиятын көтөрүү, эмгек салттарына үйрөтүү, гуманисттик сапаттарга,

демократиялык сезим-туюмга, сөзмөрлүк менен тапкырлыкка үйрөтүүдө балдар фольклорунун мааниси, аларды эне тили сабактарында колдонуу, ал аркылуу эне тили сабактарын этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү проблемаларын чечүүгө арналган.

**Корутундуда** изилдөөнүн негизги жыйынтыктары, эксперименттин натыйжасында келип чыккан илимий-методикалык сунуштар орун алган.

**Тиркемелери** катары экпериментте пайдаланылган чиймелер, сүрөттөр, таблицалар берилген.

## илимий-изилдөөнүн негизги мазмуну

Изилдөөнүн мазмунунда бир нече илимий-методикалык милдеттерди чечүү маселеси коюлган. Алар диссертациянын ар бир бөлүмдөрүндөгү иликтөөлөрдө кенен жана өз алдынчалуу чечмелөөгө алынган. Авторефератта мына ошол милдеттердин чечмеленүүсү ырaатуу түрдө берилди. Атап айтканда, **дисссертациядагы биринчи милдет**: жалпы эле, балдарга арналган фольклордук чыгармалардын илимий-теориялык жана педагогикалык-методикалык адабияттарда балдарга тарбия-таалим берүүнүн жана дүйнөнү таанытуунун негизги каражаттарынын бири катары этнопедагогикалык негизде изилдөөгө алынышын, башталгыч мектепте окуп-үйрөнүлүшүн багыттарын, окуу китептерге берилишинин абалын аныктоо болуп эсептелинген.

Элдик оозеки чыгармалардын тарбия-таалим идеяларын балдарды тарбиялоодо колдонуу, ар аркылуу мектеп тарбиясын өркүндөтүү проблемалары тууралуу улуу педагогдор, көптөгөн окумуштуулар ойлорун айтышкан жана элдик чыгармаларды окуп-үйрөнүүнүн, окуу-тарбия иштеринде колдонуунун методологиялык түйүндүү проблемаларын изилдешкен. Андагы негизги көңүл илимий педагогика менен атаандашкан, элдин өзүнүн жандүйнөсүнөн чыккан салттуу таалим-тарбия идеялары бар экендигине, ал идеялар кылымдар бою калыптанып келгендигине, аны бүгүнкү күндө да, бала тарбиясында колдонуунун максаттуулугуна жана келечектүүлүгүнө бурулган. Ал бүгүнкү күндөгү эгемендүүлүгүн алып, улуттук мамлекеттүүлүгүн чындоого киришип, социалдык-экономикалык жана педагогикалык-философиялык жактан өз коомун жаңылап кайрадан куруп жаткан Кыргыз Республикасы үчүн өзгөчө маанилүү да, зарыл да.

Улуттук балдар фольклорубузду мектепте окуп-үйрөнүүнүн башатында И.Арабаев менен К.Тыныстановдор болушкан. Андан



сон, аны улантуучулардан болуп, ири алдыда Х.Карасаев, К.Бакеев, У.Абдукаимов, З.Сатыбалдиевдер турушат. Алардын жолун Т.Байжиев, З.Бектенов, Т.Сопуевдер улантышты. 50-60– жылдардан кийин бул ишти С.Турусбеков, Б.Рысбекова, Ж.Мукамбаев, К.Сартбаев ж.б. ийгиликтүү өнүктүрүштү.

Диссертацияда мына ушул аталган алгачкы кыргыз окумуштууларынан тартып, бүгүнкү күнгө чейинки окумуштуу-педагогдордун эмгектери иликтенип, кыргыз тили жана адабий окуу китептери талданган. Балдар фольклорунун окуу китептерде берилишинин, аларды мектепте окуп-үйрөнүүнүн эволюциясынын толук элеси чагылдырылган.

Чындыгында, кыргыз мектептери үчүн И.Арабаевдин «Алиппесинен» кийин эле К.Тыныстановдун «Алиппеден кийин окуу үчүн» хрестоматиясы чыккан. Ал кыргыз фольклорунун материалдарын камтуу менен түзүлгөн да, элдик жомоктордун мыкты үлгүлөрү киргизилген. К.Тыныстанов менен И.Арабаевдер балдардын жан дүйнөсүнө жакын ангемелери, жомоктору менен аларды окутуп-тарбиялоо аркылуу, нагыз элдик гуманисттик сезим-туюмдарын түптөөнү көздөгөн. Муну менен бирге, балдардын сабатын ачып гана чектелбестен, эл адабиятынын балдарды рухий жактан өнүктүрүүчү ролуна айрыкча баа беришкен.

Республикабызда алгач ирет 1936-жылы балдар адабиятынын абалы тууратында атайын кеңешме болуп, бул кеңешмеде акын Ж.Бөкөнбаев «Балдар үчүн кандай адабият керек, алар үчүн чыккан китептер кандай болууга тийиш?» – деген темада алгач ирет бир катар проблемалуу маселелерди козгоп чыккан. Ошол мезгилден баштап, белгилүү акын-жазуучулар А.Токомбаев, С.Сасыкбаев, Т.Үметалиев, К.Эсенкожоев, Т.Абдымомунов, К.Баялинов, Н.Байтемиров, К.Эшмамбетов, К.Жантөшев, Т.Сыдыкбековдор балдар адабиятыбыздын ролун, анын ичинде, элдик жомоктордун, макал-лакаптардын тарбиялоочулук, калыптандыруучулук мүмкүнчүлүктөрүн ачып, теориялык—педагогикалык негизде изилдөөлөрдүн жаралышына жем таштап, багыт беришкен.

Диссертацияда мына ошол кийинки изилдөөлөр тууралында кеңири маалыматтар орун алган, тактап айтканда, аларда кыргыз балдар фольклорунун изилденишинин жана мектепте окуп-үйрөнүлүүсүнүн негизги багыттарын аныктоого көңүл бурулган.

Бул изилдөөлөрдүн негизги лейтмотивин мына булар ээлейт, атап айтканда, аларда балдар фольклору:

**–*биринчиден*, өткөн доордон калган адабий үлгү;**

**–*экинчиден*, эл турмушун, тарыхын көркөм чагылдырган этнографиялык булак;**

**–*үчүнчүдөн*, элдик салт-санааларды камтыган маданий эстелик;**

**–*төртүнчүдөн*, саясий-таптык курал;**

**–*бешинчиден*, элдик таалим-тарбия үлгүлөрүн чагылдырган, элдик педагогиканын негизги каражаттарынын бири - этнопедагогикалык каражат** катары изилденип келгени далилдүү мисалдар менен аныкталган. Диссертацияда аталган бул багыттарга жараша изилдөөлөрдү жүргүзгөн окумуштуулардын эмгектери жалпы жонунан талданган. Тактап айтканда, кыргыз фольклорун жыйноого, жарыялоого жана аларды илимий жактан классификациялоого, көп эмгектерин сиңирген окумуштуулар: В.Радлов, М.Ауэзов, В.М.Жирмунский, А.Н.Бернштам, П.Н.Берков, С.М.Абрамзов, Б.М.Юнусалиев, А.А.Петросян, Ч.Валиханов, Е.Д.Поливанов, К.Мифтаков, К.Рахматуллин, Ы.Абдрахманов, Т.Байжиев, З.Бектенов, Х.Карасаев, К.Юдахин, Ж.Ашубаев, С.Чекменов, Ж.Таштемиров, Б.Керимжанова, М.Богданова, С.Закиров, Ш.Усупбеков, Ж.Төлөев, Ж.Мамбеталиевдер; адабий-теориялык маани-маңызын изилдөөнү түптөп, «адабий үлгү» катары изилдөөгө салымдарын кошушкан жана азыркы учурда да улантып келаткандар: К.Тыныстанов, Х.Карасаев, Б.Поливанов, Б.Юнусалиев, Т.Саманчин, Ж.Субанбеков, М.Мамыров, С.Мусаев, Ж.Субанбеков, А.Садыков, С.Жигитов, А.Эркебаев, А.Акматалиев, М.Түлөгабылов, М.Сулайманов, ошондой эле, кыргыз фольклорунун эл турмушун, тарыхын, маданиятын чагылдырган этнографиялык мүнөзүн терең изилдеп, бир катар баалуу, фундаменталдуу эмгектерин жаратышкан окумуштуулар: Х.Карасаев, Ж.Муканбаев, С.Аттокуров, А.Акматалиев, ж.б. кыргыз адабият таануу, этнография илимдерин кыйла өнүктүрүштү жана улуттук фольклордук чыгармаларыбыздын бай мүмкүнчүлүктөрүн ачып көрсөтүштү.

Философ окумуштууларыбыздан: Б.Юнусалиев, А.Салиев, Р.Ачылова, Ш.Акмолдоева, Ж.Бөкөшев, А.Бекбоев ж.б. фольклордун эл турмушун таанытуучу, андагы улуттук маданиятты, улуттук психология, улуттук дүйнөтаанымидеяларын көтөрүп чыгышты, ошондой эле балдарга арналган улуттук фольклорубуздун өзөгүндөгү элдик педагогикалык идеялардын, анын таанытуучулук, тарбия берүүчүлүк маанисин изилдеген окумуштуулар: З.Бектенов, Т.Байжиев, Ж.Койчуманов, А.Э.Измайлов, Б.А.Апышев, Ж.Бешимов, Б.Ирисов, Ж.Мукамбаев, М.Рахимова, А.Алимбеков, С.Иптаровдор өзүлөрүнүн монографияларында, илимий-методикалык эмгектеринде, окуу



китептеринде балдар фольклорунун этнопедагогикалык маанисин, анын илимий педагогиканын жалпы категориялары менен карым-катышын, илимий педагогиканын тарбия-таалим түрлөрүн байытар элдик-педагогикалык идеялардын баалуу салымын ачып беришти. Мына ушундай багыттардагы изилдөөлөрдөн улам, улуттук фольклордук чыгармаларыбыздын адабияттаануучулук, этнографиялык, тарыхый-маданий жана улуттук психологияны чагылдыруучулук, этномаданияттаануучулук, этнопедагогикалык мааниси кең экендигин эске алып, окумуштуулардын жекече изилдөөчүлүк көз карашы эмес, анын нукура табиятынын кеңдигине, ар тараптуулугуна, мазмунунун синкреттүүлүгүнө таянып, жалпылап-талдап, диссертациялык изилдөөлөрүбүздүн жүрүшүндө улуттук балдар фольклорубуздун изилденишинин жана окуп-үйрөнүлүшүнүн багыттары катары төмөндөгүдөй илимий бир пикирге келдик: фольклорист-филологдор тарабынан – өткөндөн калган «**адабий эстелик**», этнографтар жана философтор тарабынан – «**этнографиялык булак**», «**саясий-таптык курал**», «**маданий дөөлөт**» жана этнопедагогдор тарабынан – «**этнопедагогикалык каражат**» – деп бааланат жана өз алдынча системаны түзүп турат.

Диссертациядагы чечилген **экинчи милдет** элибиздин фольклордук педагогикасынын таалим-тарбия салттарын чечмелөөгө арналган. Иликтөөдө, негизинен, кыргыздын фольклордук педагогикасынын мүнөздүү белгилери талданып бааланган да, аларды колдонуп, башталгыч мектепте окуу-тарбия иштерин этнопедагогикалык баагытта өркүндөтүү маселелери козголгон.

Чындыгында, кыргыз элинин рухий маданияты — байыркы Орхон Енисей доорунан түптөлгөн, андан кийинки көчмөндүк цивилизация кезинде улантылган, орто кылымдарда бекемделген, бүгүнкү эгемендик доорго келип жеткен эзелки ата-бабаларыбыздан тарта унутулбай келе жаткан жалпы элдик салттуу маданияттын калыптанган «жубар бермети», улуу дөөлөтү болуп саналат. Ал маданият элдин фольклордук бай мурастарынан, анын негизинде уютулган кыттай бекем орногон элдик педагогикалык мурастардан байкалат. Мына ошол элдик тарбия маданияты, адеп-ахлактык салттар фольклорубуздун өзөгүндө төмөндөгүчө байкалат:

- улуттук салттарды билүү;
- ата-энени урматтоо;
- жолдоштукка, достукка үндөө;
- айланасындагыларды урматтоо;
- өз ара жардамдашуу сезимдерине калыптандыруу;

- адамдар менен изги мамиледе болуу;
- моралдык жактан тазалыкка үндөө;
- сыпайы мүнөздө болуу;
- белсемдүү эмгектенүү;
- бирөө менен мээрим төгүп сүйлөшө билүү;
- бир туугандардын бири-бирин сыйлашуусуна айрыкча маани берүү ж.б.

Бул элдик педагогикалык идеялар илимий педагогиканын тарбия жоболору менен да дал келет. Демек, илимий педагогика мындай таалим-тарбия идеяларын элдик педагогиканын концептуалдуу идеяларынын урунттуу учурларынан, калк идеяларынын каймагынан калпып алынгандыгына күбө болобуз.

Элибиздин эзелтеден келаткан өзгөчөлүү мындай педагогикалык салттарын системага салып, ошону менен бирге, элибиздин тарыхын, бай элдик фольклордук казынасын, түптөлгөн көөнөрбөс рухий салттарын иликтеп-талдай келсек, жогорудагыдай адеп-ахлактык салттар менен бирге анын төмөндөгүдөй улуттук рухий кодекстер сыяктуу өзгөчөлүү, унгулуу белгилери бар экенине күбө болобуз:

- туулуп-өскөн жерин, бир тууган элин сыйлоо, коргоо, аны эч качан кыйып кетпөө;
- ата салтын, эне адебин урматтоо;
- улууга урмат көрсөтүү, кичүүгө ызат кылуу;
- сөз өнөрүн ыйык тутуу, сөздү урматтоо, сөз чеберин баалоо;
- табият менен биргелик, мал-жанды боор эти менен бирдей көрүү... ж.б.

Бул бөлүмдө элдик мына ушундай «улуттук рухий кодекстер» өзөгүнө сугарылган балдар жомоктору, макал-лакаптар менен бирге, элдик түрдүү накыл кептерге алардын ичинде, элдик ырым, тыюу, буюруу сөздөрүнө да айрыкча баа берилүү менен иликтенип, алар өз алдынча алгач ирет классификацияланган жана төмөндөгүдөй толук мүнөздөмөсүн алган, атап айтканда:

- жаш балага карата айтылган накыл кептер;
- тамак-ашка байланыштуу айтылгандар;
- мал-жанга, үй айбандарына байланыштуу айтылгандар;
- үй тиричилигине байланыштуу айтылгандар;
- жүрүм-турумга жана мамиле адебине байланыштуу айтылгандар;
- идиш-аякка байланыштуу айтылгандар;
- убакытка байланыштуу айтылгандар;
- жакшылык-жамандыкка байланыштуу айтылгандар;



- табиятка байланыштуу айтылгандар;
- ден соолукка байланыштуу айтылгандар.

Жалпысынан алганда, эл адабиятынын мындай үлгүлөрүнүн маанисин жана сабактагы негизги кызматын (функциясын) булар менен түшүнө алабыз:

– **биринчиден**, ал урпактардын дүйнөтаануусун түптөөчү каражат;

– **экинчиден,** элдик таалим-тарбия берүүчү функциясы кичүүлөр үчүн улуу сабак, улуулардын турмуштук тажрыйбасы катары баалуу, т.а. тарбия берүүчү курал;

– **үчүнчүдөн,** ал балдардын көз карашына, ички дүйнөсүнө, жаш курагына жана кызыкчылыгына жараша окурмандык ишкердүүлүгүн калыптандыруучу каражат;

– **төртүнчүдөн,** кебин өстүрүүнүн кеп маданиятына үйрөтүүнүн, сөзүн байытуунун негизги материалы;

– **бешинчиден,** бүгүнкү күндө мектепте эне тили сабагында балдар фольклору боюнча адабий билимин өстүрүүчү адабий факт катары да маанилүү.

Эл адабиятын, анын ичинде, элдик накыл кептерди балдардын биле жүрүүсү, алардын тарбиялык маанисин түшүнүүсү үйдөн кийин эле, башталгыч мектепте эне тили сабактарынан ишке ашат. Мындай учурда шаар мектептери менен айыл мектептеринин чөйрөлүк айырмасы жана мугалимдердин этнопедагогикалык билим даярдыгы чон роль ойноорун практика далилдеди. Ошого жараша, айрым этнопедагогикалык түшүнүктөрдү окуучулар билип же билбей калуусу да реалдуу көрүнүш экендигин сынообуз көрсөттү.

Ушул аталган милдетти чечүүгө карата жүргүзүлгөн алгачкы аныктоочу эксперименттик сынообуздун алдына төмөндөгүдөй маселелерди чечүү милдети коюлган эле: *(Эскерте кетүүчү бир жагдай*: эксперименттик сыноолор авторефераттын баш жагында өз алдынча милдет катарында жазылса да, алардын материалдары тиешелүү бөлүмдөргө өз-өзүнчө сунушталышын ылайык көрдүк.)

- биз сунуш кылган элдик накыл кептердин турмуштук маанисин балдар канчалык деңгээлде түшүнө алышат?
- элдик накыл кептердин таанытуучулук, таалим-тарбия берүүчүлүк ролун балдар кандай мааниде талдап биле алышат?
- элдик тыюу, буюруу жана насыят сөздөрүн балдар өз турмушунда колдоно алабы?
- мындай элдик таалим-тарбия сөздөрүн балдар кандай кырдаалда, кайдан (турмушундабы, окуу китебиненби) учуратышкан?

Ушул жагдайда окуучуларга анкета жүргүзгөнүбүздө маалымат төмөндөгүдөй болду (1-таблицаны кара).

**1-таблица:**

**Элдик балдар ырларындагы этнопедагогикалык түшүнүктөрдү окуучулардын билүү деңгээли**

| № | Накыл кептер | Окуучулардын саны | Үйдөн таанышкан | Мектептен таанышкан | Турмуштук маанисин түшүнбөйт |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | «Саламдашпай сөз баштаба» | 26 | 10 | 14 | 2 |
| 2 | «Бешикти куру терметпе» | 31 | 16 | 15 | 4 |
| 3 | «Баш кийимди тепсебе» | 30 | 22 | 8 | – |
| 4 | «Нанды тебелебе» | 36 | 28 | 8 | 1 |
| 5 | «Булакка түкүрбө» | 28 | 13 | 15 | 4 |
| 6 | «Чымчыктын уясын бузба» | 28 | 12 | 16 | 1 |

Таблицадагы Бишкек шаарынын УКГ-5, № 68, Кант, шаарынын № 5, Токтогул районундагы Канаша, З.Эгембердиев атындагы, Токмок шаарындагы № 5 мектептин окуучуларынын жоопторун талдап-иликтей келсек, *(бул жерде ар кайсы суроого ар кайсы мектептен алынган урунттуу жооптор синтездeлип, салыштырылып берилди)* 2-4 – класстын окуучуларынын айрымдары коюлган сөздүн кайсынынысын үйдөн, кайсынысын мектептен угуп-билгенин белгилесе да, кээ биринин маанисин түшүнбөгөндүктөрүн ачык эле билдиришкен. Айталы, 1 – накыл сөздү УКГнын 4 – классынын 26 окуучусунан – экөө, 6 – накыл кепти – бирөө, 2 – накыл кепти Токмок шаарындагы № 5 мектептин 4 – классынын 31 окуучусунан – төртөө, 4 – накыл кепти Токтогул районундагы З.Эгембердиев мектебинен бирөө, 5 – накыл кепти Бишкектин № 67 мектебинен 28 баланын – төртөө түшүнбөй тургандыгын билдиришти. Мындан, накыл кептердеги *бешик, уя, булак* аттуу сөздөрдү шаардык чөйрөнүн балдары анчалык билбей тургандыгына күбө болдук. Мунун өзү шаардык үй-бүлөлөрдүн көпчүлүгү бешикти дээрлик колдонбогондугунун, суунун булактын көзүнөн чыгарын балдар аз көздөрү менен көрбөгөндүгүнүн далили. Ошондой эле, бул «бешикти куру терметпе», «саламдашпай сөз баштаба», «булакка түкүрбө», «чымчыктын уясын бузба» деген сөздөргө эч кандай эмоционалдык – психологиялык толгонуусуз жооп бергендиктин, андай жоруктарга эч кандай адептик-ыймандык баа берүүсүз мамиле жасоонун да натыйжасы эмей эмне? Ошентсе да, айрым бир көрүнүштөргө карап бардыгына тетири баа берүү болбойт. Сурамжылоого катышкан айылдык окуучулардын дээрлик көпчүлүгү ушул эле суроолорго оң жооп бергендигине караганда, айыл чөйрөсүндөгү балдардын этнопедагогикалык билими шаар мектептерине караганда, алда канча жогору экендигине, шаар мектептеринде мугалимдер окуучулардын этнопедагогикалык билимин арттырууда



дагы да көптөгөн иш-аракеттердин системасын аткаруусу зарыл экендигин ушундан улам моюнга алабыз.

Ал эми, **үчүнчү милдет** башталгыч мектепте эне тили сабактарында балдар фольклорун окуп-үйрөнүүнүн, алардын окуу китептерде берилишинин тарыхый таржымалын иликтөө, окуучулардын этнопедагогикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу, эне тили сабактарынын улуттук таалим-тарбия берүүчүлүк мазмунун тереңдетүү багытындагы актуалдуу проблемаларды чечүүгө арналган.

Эне тили боюнча 30-80 – жылдардагы дээрлик бардык окуу китептерин анализдеп-талдап келип, төмөндөгүдөй маанайды байкадык:

– биринчиден, эне тили окуу китептеринин мазмунунда улуттук маанайдын жоктугу, т.а. «Алиппе» китептеринен баштап, балдарга: «Менин Ата Мекеним — СССР», «Борбор шаарыбыз — Москва», «СССРде бардык эл бири-бирине дос жана жолдош» деген ураан өкүм сүргөн. Ошондуктан ар бир окуу китепте улуттук таалим-тарбия берүү үчүн улуттук өзгөчөлүктөрдү, этномаданий түшүнүктөрдү чагылдыруу, этномаданий лексиканын сырларын үйрөтүү сыяктуу түшүнүктөр алиге жок болчу.

– экинчиден, китептерде элдик жомоктор, макал-лакаптар эң эле аз берилген, берилсе да, алардан өзөгүндөгү элдик таалим-тарбия идеялары жөнүндөгү маселе авторлордун алдына коюлган эмес. Аларда балдар фольклорунун мыкты үлгүлөрү, жөн гана, адабий факт, үлгү катары, окуу материалдарынын ар түрдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн гана берилген;

– үчүнчүдөн, окуу китептердеги көзгө уруна турган айрыкча бир нерсе — алфавитти эми гана үйрөнүп эжелеп окуганга араң жараган балага грамматикалык мүнөздөгү тапшырмалар менен убактысын алуу, элдик сөздөрдү (этномаданий лексиканы) үйрөтүүнүн ордуна грамматикалык терминдерди жаттатуу, анча зарыл болбосо да эрежелерге жараша көнүгүүлөрдү күчтөп иштетүү сыяктуу келегей методикалык аппараты болуп саналат.

Эне тили окуу китептери болуп туруп, башынан аягына чейин тамгалап окуган бала да — *боз үй, Алатоо, Манас, түндүк, шөкүлө, аяккап, чыныкап, элечек* сыяктуу элдик сөздөрдөн көрөкчө, *тери, куйрук, автобус, сагызган, балапан, лагерь, шкаф, счет, сарай* ж. б. сыяктуу күндөлүк колдонулган карапайым сөздөрдү окутуу, жазуу менен чектелген. Ушулардан улам, элдик чыгармаларга таянуу менен улуттук тилдин лексикалык корун өздөштүрүү, табиятын түшүнүү, сөзүн өстүрүү, байланыштуу кебин, кеп маданиятын калыптандыруу, андан ары эл-жерин

таанып-билүүгө, аны сүйүүгө, коргоого тарбиялоо, улутунун өзгөчө белгилерин таанытуу, улуттук рухий дөөлөттөрүн өздөштүрүү, ушулардын натыйжасында улуттук сыймыктануу сезимин калыптандыруу ишине илимий негизде мамиле жасоо зарылдыгы келип чыкты.

Бул айтылгандардан улам, эне тили предметтери аркылуу балага теориялык-практикалык билим менен бирге этнопедагогикалык билимди да жарыш түрдө берүү керектигин төмөндөгү сүрөт менен берүүгө аракет кылдык (1-сүрөттү кара).




**1-сүрөт:**
**Эне тили сабактарында окуучуларга теориялык билим менен бирге этнопедагогикалык билим берүүнүн модели**

Жогорудагы ойлордун бары **мектептерибиздин улуттук жүзү** кандай болуусу керектиги жөнүндөгү ойго келүүгө, анын негиздерин түзүп чыгууга мажбурлайт. Андай болсо, мектептерибиздин улуттук жүзүнүн белгилери кайсылар болмокчу?

- Окуу планында эне тили предметтерине жетишерлик сааттын берилиши;
- Окуу программасы улуттук мазмунда, этнопедагогикалык багытта түзүлүшү;



- Окутуу-тарбиялоо таза эне тилинде жүргүзүлүүсү;
- Иш кагаздардын эне тилинде жүргүзүү;
- Жыйындар, мектептин, класстын жасалгаланышы таза эне тилде болушу;
- Сабактын сырткары убактагы балдардын мамилешүүсүнүн эне тилинде болушу;
- Улуттук педагогикалык салттар сабакта жана сабактан сырткары убакта колдонулушу;
- Окуу китептеринде улуттук духтун берилиши;
- Балдар фольклорунун балдарга жетишерлик санда чыгарылып турушу;
- Класстык жана класстан тышкаркы тарбиялык иштердин улуттук мазмунда жүрүшү.

Ушул сыяктуу идеялардын комплекси ырааттуу түрдө ишке ашканда гана мектептин улуттук жүзү ачылмак. Ошентсе да, улуттук мектептерибиз дүйнөлүк мектептин тарыхый-функционалдык милдетин аткарууну жана анын өзгөчө бир үлгүсү болууну четке какпайт, ошондой эле дүйнөлүк билим берүү менен бирдикте гармониялуу өнүгөт, т.а. **улуттук мектеп+жалпы адамзаттык дөөлөттөрдүн гармониясынан турган бирдиктүү модель** бекем тутулат.

Андай болсо улуттук мектепти түзүү жөнүндө кам көрүүдө – мектебибизди глобалдуу билим берүү мейкиндигинен бөлүү эмес, улуттук көөнөрбөс баалуулуктарыбыз менен дүйнөлүк цивилизацияга салым кошуп, аны байытуу, **улуттук мектеп+эл аралык билим берүү стандарты деген моделге биригүү** идеясын бекем тутушубуз кажет.

Мына ушундай көрүнүштөрдөн улам, бүгүнкү күндөгү «Алиппе», «Кыргыз тили» сабактарына коюлуучу комплекстүү талаптар төмөндөгүчө болорун мыйзамдуу деп эсептейбиз.

1. Балдарга эне тили сабактарында грамматикалык темаларды түшүндүрүү менен гана чектелбей, улуттук тилибиздин фонетикалык-лексикалык-грамматикалык жактан мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн таанытуу;
2. Этномаданий лексиканын табиятын таанытуу, эне тилинин духун сезе билүүгө үйрөтүү.
3. Эне тилинде жазуу эрежелерине көнүктүрүү, сабаттуулугун бекемдөө оозеки, жазуу сабатын калыптандыруу;
4. Байланыштуу кебин өстүрүү, кеп маданиятын бекемдөө, чечендик кепке жатыктыруу;
5. Эне тили аркылуу эл-жерин, ата салтын таанытуу, рухий, маданий дүйнөсүн байытуу, улутжандуу кыргыз атуулун эне тили аркылуу тарбиялоо мүмкүнчүлүгүн арттыруу;
6. Сөз өнөрүн адабияттын, анын ичинде, балдар фольклорунун негизги куралы катары үйрөтүү;
7. Эне тилинин каражаттары аркылуу элдик тарбия методдорун пайдаланып элдик таалим-тарбия түрлөрүнө карата балдарга туура багыт берүү;
8. Сабактан, мектептен тышкаркы убактарда элдик тарбия салттарынын элементтерин пайдаланып, эне тили сабактарынын мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү

менен балдардын этномаданий түшүнүктөрүн арттыруу, көз караштарын бекемдөө;

9. Өздөрү жашаган аймактардагы жер-суу аттарынын сырын изилдөө, алардын аталуу себептерин табуу, уламыштарды чогултуу;

10. Түшүнбөгөн элдик сөздөрүнүн маанисин изилдеп билүү, сөздүк жумуштарын жүргүзүү, сөз сырларын иликтөө, өз эне тилинин жаш изилдөөчүлөрүн тарбиялоо;

11. Сабактардын салттуу формаларын өнүктүрүү, анын мазмунун этнопедагогикалык жактан байытуу менен, натыйжалуулугун арттыруу, улуттук, регионалдык жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды, дөөлөттөрдү балдардын жан дүйнөсүнө сиңирүү;

12. Сабакта балдар фольклорун окуу жана түшүнүү ыкмалары аркылуу, андагы этнопедагогикалык идеяларды өз алдынча өздөштүрө билүүгө окуучуларды үйрөтүү;

13. Элдик чыгармалардын грамматикалык табиятын гана эмес, анын этнопедагогикалык табиятын иликтеп үйрөнүүгө багыт берүү;

14. Көркөм тексттер менен иштөөнүн жаңы формаларын, ыкмаларын өздөштүрүү;

15. Мугалим да өзүнүн этнопедагогикалык, этномаданий билимдерин күн сайын көтөрүүгө милдеттүү.

Анткени, эгерде эне тили мугалими өз ишине комплекстүү мамиле жасап, окутуу жана тарбиялоо иштерин ар тараптан алдыртан пландап жүрө алган болсо, сабактын тарбия берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү сөзсүз өсөт жана ал, жогоруда кеп кылгандай, элдик мугалим деген атына жараша затка ээ болот — деп айта алабыз.


Бул айтылган ойлордун бардыгы эмнеге алып келет? Ал — эне тилин башталгыч класстарда окутуу аркылуу баланын этномаданий түшүнүктөрүн калыптандыруунун педагогикалык негизги шарттары жана уюштуруу формалары кайсылар? — деген суроого жооп таап берет. Ошолордун негизинде, эне тили сабактарында, класстык тарбиялык сааттарда жана класстан тышкаркы окууну уюштурууда балдардын этнопедагогикалык билимдерин калыптандыруу шарттарын жана уюштуруунун формаларын төмөндөгүдөй сүрөт менен элестетүү, системалуу берсек болот (2-сүрөттү кара).

Мына ушундай багыттардагы иликтөөлөрдөн улам, окуучулардын элдик билимдерди билүүсүнүн жана элдик тарбияга жараша тарбияга ээ болгондугунун белгилери (критерийлери) катары мына бул талаптарды тандап алдык:

1. Элдик билимдер боюнча түшүнүктөрүнүн болушу;
2. Элдик чыгармалардагы урунттуу эпизоддорго жараша эмоционалдык-психологиялык толгонуусу;
3. Элдик каармандардын кылык-жоруктарына нравалык-этикалык баа бере алуусу;
4. Элдик чыгамалардан ала турган тарбия үлгүлөрүн бөлүп ала алуусу;



5. Элдик чыгармалардан этномаданий лексикалык каражаттарды түшүнө алуусу;
6. Булардын балдардын жүрүм-турумуна таасир этүүсү.




**2-сүрөт:**
**Эне тили сабактарында окуучулардын э тнопедагогикалык түшүнүктөрүн калыптандыруунун шарттары жана уюштуруу формалары.**

Булардын кеңири мазмунун, ага ылайык аткарылган иштерди диссертацияда эксперименттин материалдары менен бирге толук чагылдырдык.

Окуучунун мына ушундай этнопедагогикалык билим-тарбиясын калыптандыруунун, өркүндөтүүнүн негизги окуу каражаты, анын синкреттүү формасы – улуттук мазмундагы эне тили окуу китептери болору жана алардын улуттук үлгүсүн түзүү, принциптерин иштеп чыгуу маселелери, идеялары **диссертациядагы төртүнчү милдет** катары коюлган.

«Кыргыз тили», «Адабий окуу» китептери балдарга тил жана адабият боюнча теориялык маалыматтарды берүү, балдардын лингвистикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу, тексттердин сюжетин гана үйрөтүү иш-аракеттери менен чектелбейт. Чындыгында, алар аркылуу «окутуу менен тарбиялоонун биримдиги», билим берүү менен «өнүктүрүүнүн байланышы» ишке ашат, баланын ички рухий потенциалы ачылат (Л.В. Занков). Айрыкча, эне тили китептеринин авторлорун эгемендүүлүгүнө ээ болгон республикабыздын шартында эне тилин окутуу китептери аркылуу балдардын улуттук рухий потенциалын көтөрүү проблемаларын чечүү өтө түйшөлтүүдө. Ошондуктан, эне тилинен улуттук мазмундагы окуу китептерибизди жазуунун жаңыча принциптерин иштеп чыгуунун зарылдыгы диссертацияда козголгон жана анын принциптери иштелип чыккан.

Албетте, окуу китептерди жазууда, анын теориялык булактары жана методологиялык башаттары катары белгилүү дидакттар: В.В.Краевский, А.В.Занков, В.Гальперин, Н.Ф.Талызина, И.Я.Лернер, Т.А. Ладыженская, Д.Д.Зуев, М.Н.Скаткиндердин жана ошондой эле, кыргыз окумуштуулары: И.Б.Бекбоев, Э.М. Мамбетакунов, Н.Ибраева, Н.Ишекеев, С.Байгазиев, А.Токтомаметовдордун окуу китептерди жазуу боюнча жетектөөчү идеялары көңүлгө алынат.

Диссертацияда эне тили боюнча 40-90 – жылдардагы дээрлик бардык окуу китептер илимий-методикалык жактан талданган. Айрыкча, 60-70 – жылдар ичиндеги башталгыч мектептердин «Кыргыз тили», «Эне тили» окуу китептерине талдоо жүргүзгөндө элдик сөздөр т.а. этномаданий лексика дээрлик киргизилбегендигине, ал тургай, мисал катары да (*боз үй, калпак, уук, шырдак, элечек, шөкүлө, бешик* ж.б.) алынбагандыгына күбө болдук. Мунун өзү улут баласынын жан дүйнөсүн калыптандырууга карама-каршы билим берүү экендигин, «Менин ата мекеним – Кыргызстан» деген сезимдин берилбегендигин билгизет. Улуттук ар намысы – «Манас» дастанынан бир сап да эскерилбегени окуу китептердин улуттук билим – тарбия берүү



мазмунун жоктугу экендигин айгинелейт. Андай болсо, улуттук мазмундагы эне тили окуу китептерибизди түзүүдө кандай принциптерге таянабыз? Албетте, мындай шарттарда жогоруда атап өткөн окумуштуулар белгилеген дидактикалык принциптерди танбайбыз, алардан сырткары, төмөндөгү жоболорду методикалык принциптер катары өзгөчө көңүлгө алабыз:

- эне тилинин фонетикалык, лексикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө таянуу принциби;
- улуттук тил илиминин, адабияттаануу жана этнопедагогика илимдеринин жаңы жетишкендиктерине таянуу принциби;
- балдарга этномаданий лексиканын, анын бай корун талаптагыдай үйрөтүүнү дидактикалык жактан уюштуруу принциби;
- улуттук фольклордук педагогиканын идеяларына таянуу принциби;
- улуттук психологияны, менталитетти чагылдыруу принциби;
- эл-жерди, Атажурттун тарыхын, ата салттарын чагылдыруу принциби;
- улуттук сезимди, намысты, сыймык-дөөлөттөрдү жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды айкалыштырып берүү принциби.

Бул принциптердин ишке ашырылышы үчүн эне тили окуу китептеринин мазмунунда мындай проблемалуу жагдайлардын чечилиши зарыл:

- улуттук окуу китептербизди түзүүдө эне тилибиздин фонетикалык, грамматикалык, лексикалык өзгөчөлүктөрүн сиңирүү, нормативдүү мектеп грамматикасынын чен-өлчөмдөрүн бекем кармануу;
- жалпы элдик тилди камтуу, анын ичинен, балдардын кызыкчылыгына, курактык өзгөчөлүктөрүнө ылайык лексикалык каражаттарды тандоо, топтоо, бул учурда этномаданий лексикалык минимумду эске алуу, алардын грамматикалык гана эмес лексикалык-семантикалык маанисин чечмелеп түшүндүрүү;
- грамматикалык материалдарды сунуш кылууда улуттук тил илиминин учурдагы жаңы жетишкендиктерине таянуу, тилдик нормаларга ылайык сүйлөө жана жазуу, эреже-терминдерди так, жеткиликтүү, түшүнүктүү деңгээлде берүү;
- окуу материалдарынын мазмунунда улуттук менталитетти, кызыкчылыктарды, өзгөчөлүктөрдү чагылдырган, элди-жерди, Атамекенди, анын географиясын, тарыхын мазмунуна сиңирген тексттерди тандоо, топтоо, балдарга улуту жөнүндө таанытуу аркылуу улутжандуу сезимге, патриотизмге тарбиялоо, ал үчүн элдик оозеки чыгармаларды, алардын балдарга ылайык үлгүлөрүн кеңири сунуш кылуу;
- улуттук салт, улуттук дөөлөт, улуттук символдор, элдик майрамдар, алардын маанисин, өткөрүү жолдорун түшүндүрүүчү, алардын атрибуттарын өздөштүрүүгө багыт берүүчү, майрамдоо тартибин билдирүүчү маанайдагы түрдүү жанрдагы элдик чыгармаларды иргеп алуу;
- улуттун кадыр-баркын көтөрүүчү белгилүү инсандар, элдик баатырлар, эмгек алдынкылары, жалпы эле, кичүүлөргө үлгү болуучу адамдар тууралуу баяндарга, ыр, аңгеме, жомок, уламыштарга орун берүү;
- улутту улут кылып бекемдеп, өнүктүрүп келген асыл дөөлөттөр, мурастар, нравалык-этикалык эрежелер, улуттук философия, дүйнө тааным-ойлорун, гуманисттик идеяларды окуу материалдарында чагылдыруу жана аларды

кенже курактагы балдардын өздөштүрүүсүнүн ыңгайлуу методикалык аппаратын түзүү;

- өлкөнүн учурдагы саясий-экономикалык абалын да унут калтырбай, анын келечегин камсыз кылууга, өнүктүрүүгө колкабыш кылууга балдарды психологиялык жактан даярдоо, калыптандыруу идеяларын эске алуу;
- улуттук баалуулуктар менен бүткүл адамзаттык баалуулуктарды окуучулардын айкалыштыра салыштырып билүүсү, өзүн-өзү өнүктүрүүсү үчүн дүйнө балдарынын мыкты жетишкендиктерин, алар үйрөнгөн жаңы технологияларды үйрөнүүгө үндөө, алар аркылуу өлкөнүн келечегин камсыз кылар бүгүнкү жаш инсанды билим-тарбия жагынан эмитен кам көрүп, колдоого алуу зарылдыгын эске алуу, ж. б.

Бул айтылган жоболор башталгыч мектепте адабиятты окуп-үйрөнүү процессин улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар менен байытууга ылайык окуу китептеринин функционалдык кызматы катары да жана ага карата коюлуучу зарыл методикалык талаптар катары да көңүлгө алынышы шарт. Мындай иштерге багыт берер жана аны уюштурар деңгээлдеги окуу китептерди жазып даярдоо үчүн, жогоруда айтылгандай, авторлордун этнопедагогикалык даярдыгын көтөрүү, ушул максатта атайын этнопедагогикалык курстарды уюштуруу зарыл жөлөк болмок. Ошондуктан, окуу китептерибизди улуттук оргиналдуу окуу китептин деңгээлине көтөрүү үчүн атайын илимий-изилдөө жумуштарын колго алуу, окуу программаларын улуттук мазмунда кайра түзүү, окуу материалдарын тандоо критерийлерин кайра карап чыгуу, учурдагы «Кыргыз тили», «Адабий окуу» китептерин этнопедагогикалык жактан түптамырынан тарта кайра жазуу, аларды жазуудагы бүгүнкү күндөгү карманган принциптерин өзгөртүү зарыл экендигине ынандык.

Диссертациянын алдына коюлган **бешинчи милдет** эне тилинен класстан тышкаркы окууларды уюштуруунун жүрүшүндө балдарга элдик тарбиянын түрлөрүнө жараша тарбия берүүнүн методикалык жол-жоболорун, ыкмаларын иштеп чыгууга багытталган. Албетте, акылга салынган, кызыктуу жана тарбия берүүчүлүк, өстүрүүчүлүк мүмкүнчүлүгү жогору болгон класстан тышкаркы окууну уюштуруу иши эне тилин окутууну өркүндөтүүгө коюлган бүгүнкү талапка сөзсүз туура келет. Себеби, «балалыкта ар бир маалымат—жаңы ачылыш». Ошол үчүн, эне тилди, адабиятты окутууда «класстык жана класстан тышкаркы окууну тыкыс жандуу байланышта жүргүзүү, окуу-тарбия ишин бир багыттуу, максаттуу уюштурууга көмөк бербей койбойт».

Класстан тышкаркы окууну уюштурууда сөзсүз төмөндөгүдөй ырааттуу иш-аракеттер жүргүзүлүүсү зарыл:

1) окуп чыккан элдик чыгармадагы негизги тарбиялык ойду бөлүп ала билүү;



2) андагы ой менен башка чыгармадагы айтылган идеяларды, каармандарды, алардын мүнөздөрүн, кылган ишин, окуяларды, кырдаалдарды бири-бирине салыштырып талдай билүү, логикалык жыйынтык чыгаруу;
3) өзгөчө таасир эткен учурларды тексттеги фактылар, сүйлөмдөр, абзацтар менен бөлүп айта билүү;
4) каармандардын кылык-жоруктарына, чыгарманын негизги идеясына нравалык-этикалык баа берүү;
5) чыгармага, эпизоддоруна өз алдынча суроолорду коюп, ырааттуу жоопторду табуу, алар аркылуу чыгарманы өз алдынча педагогикалык-философиялуу ой жүгүртүү менен баалоо.

Башталгыч класста окуучулардын класстан тышкаркы окуусунун дидактикалык максатын жана окуу убактысын аныктоодо, окуучулардын өз алдынча көркөм—адабий китептерди окуудагы окурмандык иш-аракеттерин уюштурууда, ошондой эле бул сабактарды өткөрүү жолдорун иштеп чыгууда, аларды атайын окуу усулдук каражаттары менен камсыздоодо орус тилчи методисттер: Н.Н.Свердловская, Л.А.Шейман, Л.П.Сазанова, Н.В.Мальцева, В.Г.Каменецкая, Г.Соронкулов, ж.б. татар тили брюнча М.Г.Амирханов, түркмөн тили боюнча Л.Куланова, казак тили боюнча Н.Баймурзина, ал эми кыргыз тили боюнча методисттер: С.Турусбеков, К.Сартбаев, Б.Рысбекова, Б.Ташматов, А.Токтомаметов, З.Маразыковалар кыйла алгылыктуу иштерди жүргүзүштү. Булардын ичинен, профессор К.Сартбаев менен доцент З.Маразыковалар 1-4—класстарда окуучунун класстан тышкаркы окуу ишкердүүлүгүн уюштурууда жана аны өнүктүрүүдө аткарылуучу илимий-методикалык иш-аракеттердин бүткөн бир циклин түзүшкөн десек болот. Буга алар түзгөн окуу-усулдук адабияттары күбө.

Тарбиялык иштер тууралуу сөз болуп жаткан соң, «тарбия» термининин түшүнүгү да диссертацияда такталып берилген. Анда баланын «тарбиялуулугу» түшүнүгү да иликтөөгө алынып, анын белгилери көңүлгө салынган. Элдик макал-лакаптардын, жомоктордун, ырлар, табышмак жана жаңылмачтардын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша алардын функциясы, тарбиялуулук белгилери, тарбия түрлөрү менен бирдикте талданган. Ошого жараша, элдик тарбиянын түрлөрү системага салынган.

Көрүнүп тургандай, диссертацияда элдик тарбиянын: адептик, эмгектик, эстетикалык, экологиялык, патриоттук, дене тарбиялык, акыл-эс, укуктук-демократиялык тарбия жана сөз өнөрүнө үйрөтүү сыяктуу элдик түрлөрү такталып, сунуш этилген жана алардын ар бири өз алдынча элдик чыгармалардын сюжеттерин пайдалануу менен мүнөздөлүп чыккан. Тактап айтканда, алар:

- урпактарды акыл-эстүү, ар намыстуу, адеп-ахлактуу болууга багыттоо;

- адал эмгекке, ак мээнетке, чынчылдыкка, эмгекчилдикке, акыйкат болууга көнүктүрүү;
- Атамекенди сүйүүгө, эл-жерин коргоого, эл үчүн жанын аябоого, атажуртунун патриоту болууга үйрөтүү;
- адамга жакшылык кылууга үндөө, карасанатайлыкка, арамзалыкка, көралбастыкка каршы күрөшүүгө, айкөлдүккө, элдик бийик гуманизмге тарбиялоо;
- табиятка аяр мамиле жасоого, аны коргоого, кастарлоого, сүйүүгө көнүктүрүү;
- ден соолугу чың болуусуна кам көрүүгө, узак өмүрдүн, ден соолуктун бекем болуусунун сырларын табууга үндөө;
- түрдүү өнөргө, бекем билимге ээ болууга, аны эл-жер, Атамекен үчүн жумшоо сезимине тарбиялоо;
- сөз өнөрүн кастарлоо, сыйлоо, сөздүн гүлүн, ойдун кенин таап сүйлөө өнөрүн бекем тутууга машыктыруу;
- ата-энени, бир туугандарды кадырлоо, кыйын күндө жолдоштукту кыйып таштап кетпөөгө, аларга жардам берүүгө калыптандыруу;
- айткан сөзүнүн кадырын билип, жоопкерчиликтүү болууга, адам ариетин таза тутууга тарбиялоо;
- ата салтын, эне адебин бек тутуп, кыргыз элин уятка калтырбоо сезимин өнүктүрүү;
- оптимист болууга, ар дайым күрөш жана өзүнүн адал эмгеги менен гана бак-таалайга жетүүгө мүмкүн экендигин сезимине куюу;
- элдик демократиялык мамилеге калыптандыруу, толеранттуулукка, укуктук-демократиялык сезимдерге, демократиялык ой жүгүртүү маданиятына үйрөтүү;
- бул сыяктуу тарбия-таалим берүү үлгүлөрүнүн баары фольклордо бекем орун алганын мугалимдин билүүсү жана аларды таба билүүсү зарыл.

Төмөнтө дүйнөлүк жана орус педагог-окумуштууларынын, ошондой эле кыргыз окумуштуу-педагогдору: И.Б.Бекбоев, Н.И.Имаева, Н.Асипова, А.Раимкулова, Э.Мамбетакунов, М.Рахимовалар ж.б. эмгектериндеги тарбия түрлөрүн иликтеп, жана да элдик балдар чыгармаларындагы педагогикалык салттарды, тарбия түрлөрүн ырааттуулукка салып, төмөндөгү чиймедеги элдик тарбиянын системасына жана анын эне тили сабактарынын мазмуну менен байланышына көңүл буралы.

«Сабакта окуучулар ар тараптан тарбияланышат, б.а., тарбиянын бардык түрү активдешет» (И.Б.Бекбоев). А биз, бүгүнкү күндө мектептин башталгыч класстарынан тартып, эне тили сабактарында балдарды тарбия-таалимдин ар бир салттуу түрүнө калыптандырууда элдик тарбиянын бул элементтери менен илимий педагогиканын тарбия түрлөрүн ар тараптан тереңдетип, байытып, чиймеде көрүнүп тургандай, жүзөгө ашырууда этнопедагогикалык жол-жоболорду ырааттуу колдонуубуз натыйжа берери шексиз (3-сүрөттү кара).






**3–сүрөт:**
**Элдик тарбиянын түрлөрү жана анын ситемасы – эне тили сабактарында**

Албетте, эне тили сабактарында балдардын теориялык (лингвистикалык же адабий) билимдерин, т.а. баланын билимдүүлүгүн кадыресе суроо-жооптор менен бат эле билип коюуга болору белгилүү. А баланын тарбиялуулугун кандай критерийлер менен билүүгө болот? Мына ушундай проблемалуу суроо – диссертациянын алдына коюлган негизги суроо болуп саналат. Мындай учурда төмөндөгүлөргө да көңүл бурууну сунуштаар элек:

1. Балдар фольклорун окуп-үйрөнүүдө окуучулар аларга жараша эмоционалдык таасиринин жана ага карай ички реакциясынын деңгээли кандай болду?
2. Окуган элдик чыгармадагы каармандарга, түрдүү идеяларга жараша балдардын нравалык-этикалык баасы кандай болду?
3. Окуган элдик чыгармадагы окуяларга жараша окуучулардын психологиялык толгонуусу кандай болду? (Алар ички толгонууга учурадыбы, жокпу?)
4. Окуганынын үстүндө философиялык ой жүгүртүүсү кандай болду?
5. Балдар окуган элдик чыгармадан кандай тарбиялык таасир, үлгү алды? (Алдыбы, же алган жокпу?)
6. Балдар мындай чыгармадан кандай элдик салт-санааны, улуттук мазмундагы сөздөрдү үйрөндү... ж.б.
7. Ушулардан улам балдардын ички дүйнөсүндө кандай өзгөрүүлөр жүрдү? Ал өзгөрүүлөр балдардын жүрүм-турумуна кандай таасир этти?..

Бул иш-аракеттер эне тили сабагынын тарбиялык таасири туурасындагы мугалимдин негизги көңүлүнүн борборунда, эне

тили сабагынын өзөгүндө ар күнү болуучу жана ишке ашырылуучу методикалык жолдор, ыкмалар болмокчу. Муну төмөндөгү чиймеден көрөлү (4-сүрөттү кара):




**4-сүрөт:**
**Чыгарманы окуп-үйрөнүүдөгү окуучунун иш-аракеттеринин багыттары**

Элдик чыгармага (жомокторго, макал-лакаптарга, элдик ырларга) ушундайча багыттарда мамиле жасап иш жүргүзгөндө баланын ички дүйнөсүндө кыйла өзгөрүүлөр болорун биз сыноодон байкадык. Ал эми, эксперименттик байкоолорубуз үчүн чыгармаларды тандап алууда алдыбызга төмөндөгүдөй талаптарды (критерийлерди) койгонбуз:

1.Элдик чыгармалардын үлгүлөрүн тандоодо балдар жашаган этномаданий чөйрөлөрдү эске алуу;

2. Окуучулардын жаш-курак өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу;

3. Окуучулардын чыгармаларга болгон кызыгууларын, ички талаптарын көңүлгө алуу;

4. Тандаган чыгармалардын грамматикалык материалдардын табиятына шайкеш келүүсү;


5. Тарбия-таалим берүүчүлүк деңгээлине кароо;

6. Жанрдык, тематикалык ар түрдүүлүгүнө кароо.

Тандап алган элдик чыгармаларды окуп-үйрөнүүнүн жүрүшүнө жүргүзгөн байкоолорубуздун жыйынтыгынан улам, мына бул ойлорду айткыбыз келет: адабий окуу, алиппе, кыргыз тили сабактарында баланын адабий-лингвистикалык маалыматтуулугун байкоодо алардын билим-билгичтигине баа берүүдө, жогоруда айтып өткөндөй, сандык өзгөрүүлөр менен чектелбөө, балдардын турмуш образына сандык изилдөө жүргүзүү сыяктуу мамиледен баш тартуу керектигин айткыбыз келет. Анткени, окуучу эне тил сабактарында сандык гана эмес, сапаттык да жактан, т.а. рухий жактан өнүгүүсү, ички дүйнөсү байып, адамдык сапаттарга, гуманисттик идеалдарга умтулуулары эң



негизги көңүл буруулуучу маселе болуп саналат. Аны төмөндөгү чийме менен элестүү билдирүүгө болот (5-сүрөттү кара):




**5-сүрөт:**
**Эне тили сабактарындагы билим берүү деңгээлдери**

Мындагы көңүл буруучу бир маселе—эне тили сабактарында билим-тарбия берүүдөгү эки деңгээлдин болуусу. Чиймеден көрүнүп тургандай, 1—деңгээлде, окуучу эне тилинин теориялык маселелерин: т.а. эне тилинин тыбыштык системасын, лексикалык байлыгын, грамматикалык курулушун, туура жазуу эрежелерин, адабий тексттин табиятын, структуралык элементтерин, композициялык, идеялык-тематикалык жагдайларын өздөштүрсө, 2—деңгээлде сөздүн, элдик чыгарманын ички рухий күчүн, эл турмушу, мүнөзү, салт-санаасы менен байланышын, улуттук балдар фольклорунун таанытуучу табиятын, улуттук аң-сезимди ойготуучу, улуттук намысты түптөөчү баалуулугун таануу; улуттук сыймыктануу сезимин түптөө; аларды улуттук дөөлөт, байлык катары өздөштүрүү; алардан ала турган тарбия үлгүлөрүн бөлүп алуу, жан дүйнөгө сиңирүү сыяктуу мүмкүнчүлүктөрүн өздөштүрүшөт. Ошонун натыйжасында, эне тили сабактарын өздөштүрүүнүн 1—деңгээлин—**маалыматтык окутуу**, ал эми 2—деңгээлин **максаттуу билим берүү** деңгээли деп атасак, илимий да, методикалык да жактан туура болот деген жыйынтыкка келдик.

Диссертацияда эне тили сабактарында элдик балдар чыгармаларын окуп-үйрөнүү процессинде алардын өзөгүндө жаткан элдик тарбиянын түрлөрүн сабакта кантип пайдалануу керектиги жана ал аркылуу балдарга кантип этнопедагогикалык тарбия берүүгө боло турганы жөнүндө кеңири сөз болгон.

Тарбиянын түрлөрүнүн ичинен — балдар фольклорундагы **Атамекенди сүйүүгө, патриотизмге тарбиялоо** биринчи планга алынып чыккан. Анткени патриоттук тарбия, баланы ар качан элин-жерин сүйүүгө үндөө бүгүн да, эртең да айрыкча маанилүү экендиги талашсыз.

Кыргыз Республикасынын Гимнин башталгыч класстарда үйрөтүүнүн мааниси чоң экендиги белгилүү, ал аркылуу балдарды патриоттуулукка балдарды үндөө да элдик педагогикалык идеялар менен шайкеш келет. Негизинен, диссертацияда эл-жерди сүйүүгө, коргоого үйрөтүүдө, элдик жомоктордун, макал-лакаптардын маанисин балага жеткирүүдө эне тилинен класстан тышкаркы окуунун ролу ачылып, аны өткөрүүнүн жолдору, ыкмалары сунуш кылынган. Класстан тышкаркы окууга сунуш кылынган элдик жомоктордун тизмеси, алардын мазмуну, тарбиялык мааниси, алардын класстарга бөлүштүрүлүшү да, болжолдуу суроолордун топтому да орун алган.

Жомоктордогу патриоттук тарбия идеяларын төмөнкү таблица менен берип көрөлү (2-таблицаны кара).



**2-таблица:**

**Элдик жомоктордогу патриоттук тарбия берүү идеяларын окуучулардын талдай билүүсү**

| Жомоктун түрү | Жомоктун сюжети | Тарбия идеялары |
|---|---|---|
| «Бала шаарын кантип сактап калды?» «Жээренче чечендин Караканга элчиликке барганы» | Жаш экендигине карабай, эл четине келген жоого элчиге баруусу, акылмандык менен элин жоодон сактап калышы | Эл-жерин душмандан коргоого жаш чагынан даяр болууга үндөө |
| «Кемпирдин жети баласы» | Эл-жерин өнөр-билим менен душмандан коргоого чакыруу | Жети бала акыл-айла, элдик билимдин күчү менен эл-жеринин тынчтыгын сактап калышы |
| «Алтын балык» | Адамдардын өмүрүн эрдик менен сактап калуу | Жыл сайын шаар элинен бир кыз салык алып турган ажыдаарга жалгыз барып жеңүү |

Дагы бир айта турган сөз: «Атажурт алдында жоокер экенин сезип жашоосу — ар адамдын улуулугу» дегибиз келет. Бул идея «элдик билимдердин ичинен эң жогору турган билим» болгон патриотизмге үндөгөн элдик накыл кептерден ачык эле сезилип турат.

Атап айтсак, патриоттук тарбия идеялары төмөндөгү элдик накыл кептерде да кеңири берилген:«Эр жигит эл четинде, жоо бетинде», «Азаматтын азганын өзү билбейт, жат билет», «Алтын — жерден, баатыр — элден», «Ата баласы болбосоң болбо, эл баласы бол», «Аркан атты байлайт, эрди ант байлайт», «Баатыр бир өлөт, коркок миң өлөт», «Баш—канжыгада, кан—көөкөрдө», Жаздыкта өлгөн жаман ат, жоодон өлгөн — салтанат», «Коенду камыш, эрди намыс өлтүрөт», «Мекенден айрылганча, өмүрдөн айрыл», «Мекендин кадыры башка жерде билинет», «Эр жигит үйдө туулат, жоодон өлөт», «Өз камын ойлогон өспөйт, эл камын ойлогон көктөйт»... ж.б.

Кийинки маселе башталгыч класстын **окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандырууда** эне тилинин материалдары аркылуу элдик мотивдерди пайдаланууга арналган. Мында да элдик жомоктордун, балдар ырларынын, накыл кептердин тарбиялык маанисин ачууга айрыкча көңүл бөлүнгөн.

Төмөнтө экологиялык темадагы макал-лакаптардын педагогикалык мааниси тууралуу жүргүзүлгөн алгачкы сурамжылоонун маалыматына көңүл бөлөлү (3-таблицаны кара):

**3-таблица:**

**Накыл кептердеги экологиялык тарбия идеяларын окуучулардын талдай билүүсү**

| Накыл кептер | Окуучунун саны | Нравалык-этикалык баасы | Эмоционалдык-психологиялык толгонуусу | Педагогикалык тарбиялык мааниси |
|---|---|---|---|---|
| «Суу кордогон кор болор, суу сыйлаган зор болор». | 26 | Суу – жашоонун булагы. Суу жок жашай албайбыз. Суусуз бүт дүйнө жабыр тартат. | Сууну, көлдү булгап, таштандыларды салуу ден соолукка зыян. Адамдар ошону билип туруп булгаганы туура эмес. | Агын сууну, ичер сууну таза сактоого үйрөтөт. |
| «Агын сууда арам жок» | 30 | Суу акпай турса сазга айланат. Агын суу – тазаланып турат. | Бирок, бардык эле аккан суу таза деп иче берүүгө болбойт. Өйдө жактан бирөө булгаса, ылдый жактан аны ичкен адам оорубай коебу! Сөзсүз. | Агын сууну таза сакташ керектигин, таза суу ичип ден соолукту сактоо керектигин үйрөтөт. |
| «Чакпаган жылан өлбөсүн» | 21 | Жыланды өлтүрбөш керек. Жылан дагы табияттын бир жандыгы | Бирок жыландан сак болуу керек. Ошентсе да, сага тийбеген жыланды өлтүрбөш керек. | Табиятты коргоого, ага зыян кылбоого үйрөтөт |

Таблицада көрүнүп тургандай, 3 – класстарынын окуучулары өзүлөрүнүн экологиялык түшүнүктөрүн билдирүүгө кылган аракеттерин жогору баалоого болот. Булар – албетте, бардык жооптордун негизиндеги жыйынтык маалымат. Андагы элдик макал-лакапта айтылган ойго болгон нравалык-этикалык баасына, алар боюнча эмоционалдык-психологиялык толгонууларына жана тарбиялык маанисин түшүнө билгендигине жараша өзүлөрүнүн да жан дүйнөсүндөгү табиятка жасаган адептик-ахлактык тарбиясынын деңгээл-даражасын байкоого болот. Ошону менен бирге, алардын табиятка жасаган түздөн-түз мамилеси да буга кошулуп бааланат. Анткени адамдын сөзү менен жүрүм-туруму – анын тарбиялуулугунун деңгээлин билдирип турары педагогикалык тажрыйбада белгилүү.

Элдик тарбияда **баланы акыл-эстүүлүккө тарбиялоо** менен адеп-ахлак тарбиясы бирдей каралары, гумандуулукка тарбиялоо да сөзсүз акыл-эс жана адеп-ахлактык тарбия менен тыкыс жүрөрү айтылат. Диссертацияда алар элдик накыл кептердеги, макал-лакаптардагы жана жомоктордогу тарбиялык идеялар аркылуу чечмеленип жүрүп отурат. Буларды да төмөндө берилген таблицадан даана байкоого болот (4-таблицаны кара).



**4-таблица:**

**Элдик жомоктордогу адеп-ахлактык тарбия берүү идеяларын окуучулардын талдай билүүсү**

| | Жомоктун түрү | Адеп-ахлактык проблемалар | Жомоктун сюжети |
|---|---|---|---|
| | «Чынчыл чыпалак | - жалган айтпоо, чындыкты жашырбоо. | Чыпалактын чындыкты айтып коюусу; |
| | «Ырыс алды – ынтымак» | - биримдиктүү болуу, эстүү болуу, улуунун сөзүн угуу, аны аткаруу; | Карыянын тогуз баласы атасынын сөзүн угуп, биримдиктүү болуусу; |
| | «Убадага бек жигит» | - берген убадасына бек туруу;<br>- дүнүйөгө азгырылбоо, адамгерчилигин сактоо, дөөлөтүнө чиренбөө;<br>- үйгө келген конокту сыйлап, меймандостук кылуу;<br>- бейбечарага жакшылык кылуу, жардам берүү. | Үч бир тууган оокаттуу болуп, жакшы турмушка жетүүнү көздөөсү, аларга Убада аттуу карыянын жолугушу;<br>Карыя алардын тилегин орундатуусу, бирок эки улуу агасы оокатка эсирип, баягы карыяга жакшылык кылбай, кичүүсү гана адамгерчилик сапатын сактап калуусу; |
| | «Ак көңүл менен кара көңүл» | - адам ыймансыздык менен эч качан жакшылыкка жетпейт; | Кара көңүл Ак көңүлдү өлүмгө түртүп, бирок өзү жакшылыкка жетпей, акыры өлүмгө кабылышы; |
| | «Түлкү менен кене» | - өз адал мээнети менен ийгиликке жетүүсү керектигин эскертүү;<br>- алдамчылык менен ийгиликке жетүү туура эместиги; | Түлкү менен Кененин түшүмдү бөлүшө албай, жарышка түшүүсү. Түлкү Кенени алдоого аракет кылышы, а кене түлкүнүн куйругуна илешип келип, түлкүдөн мурда марага келип калышы; |
| | «Сыйкырдуу сака» | - бекер дүнүйөгө азгырылуунун туура эместиги | Сыйкырдуу сакадан улам, жалгыз койлуу бала миң койлуу болушу, ал саканы байдын баласы алып, ач көздүк менен бүт малынан ажырашы. |

Кыргыз элдик жомокторун сабакта жана сабактан сырткары убакта окутуу аркылуу, андагы элдик тарбиянын булагы болгон адеп ахлакка үйрөтүү, акыл-эсин өстүрүү – окуучулардын рухий жактан өсүп-жетилүүсүнүн булагы экендигине ынанбай коё албайбыз. Анын сапаттык белгилери элдик жомоктордо мындайча байкалат (5-таблицаны кара).

Элибиздин оозеки чыгармачылыгында эмгек маданиятына үйрөтүүчү ырлар айрыкча көп. Иликтөөдө мына ошол ырлар кеңири талдоого алынат да, белгилүү окумуштуулардын пикирлерине таянуу менен, элдик балдар ырларынын өзөгүндө жаткан түбөлүктүү баалуулуктар ачылып берилген.

Кыргыз эли «эмгек» дегенде кара жанын карч уруп, карандай кара күч жумшап аткарылган жумушту гана түшүнгөн эмес. Алар өз урпагын эмгек аркылуу төмөндөгүдөй түбөлүктүү баалуулуктарга чакырышкан:

5-таблица:

**Жомоктордогу акыл-эске тарбиялоо идеяларын окуучулардын талдай билүүсү**

| Жомоктун түрү | Тарбиялуулуктун белгилери | Мисалдар |
|---|---|---|
| «Жээренче чечен менен Карачач» | - кырдаалдан акылкөйлүк менен чыгуу;<br>- оюнун тереңдиги, сөзүнүн логикасынын күчү;<br>- түйүндүү маселени акылкөйлүк менен чечүүсү; | - Жээренченин Акыл Карачачка биринчи жолуккан жери;<br>- Акыл Карачач үйү жөнүндө айтканы;<br>- Өз тагдырын өзү чечип, Төлөн мырзага турмушка чыгышы;<br>- Каракандын суроолоруна жооп бериши;<br>- Жээренче жазган табышмактуу каттын сырын чечкени; |
| «Акылдуу бала» | - өзүнүн турмуштук туура жолун таба билүүсү;<br>- өз акылы жана өнөрү менен элге пайда келтирүү; | - Бала атасынын ууру бол дегенине көнбөй, ак эмгеги менен жан багууну туура көрүшү; |
| «Өнөрлүү бала»<br>«Бала шаарын кантип сактап калды» | - өз акылы жана өнөрү менен элге пайда келтирүү;<br>- Сөз өнөрүн баалоо; | - Бала өз элинде жок өнөрдү үйрөнүү үчүн аны издеп кетүүсү;<br>- Бала элчиликке барып, душманды акылы менен сөзгө жыгышы; |
| «Алтын кумура» | - кыйын кырдаалды акыл менен баалап, улуудан кенеш алуу; | - Акылман абышка акылсыз хандын жоругун айыптап, алтын кумуранын кайда экенин айтып берүүсү. |

1) эмгек салттарына таянуу;
2) эмгекке болгон жоопкерчиликке үндөө;
3) эмгек маданиятына машыктыруу;
4) эмгекке болгон машыккандык жана билгичтиктерге үйрөтүү;
5) эмгек өнөрүнө көнүктүрүү;
6) эмгек аркылуу ден соолугун чыңдоого багыттоо;
7) эмгек аркылуу бекем эркке, туруктуу мүнөзгө ээ болууга тарбиялоо;
8) эмгек аркылуу адамга жакшылык кылууга, пайда келтирүүгө чакыруу;
9) ак, адал эмгекке үйрөтүү, ал аркылуу бакыбат жашоого көндүрүү;
10) эмгек менен эл жерди сүйүү, Атажуртту коргоо, коллективизм сезимдерин бекемдөө, ж.б.

Мындай иштердин системасы «элдик эмгек педагогикасын» түзүп турат. Ал эми «эмгек педагогикасы – бардык педагогикадан улуу педагогика» деп мүнөздөшкөн улуу педагогдор. Анда эмесе, 2–класстарынын окуучуларынын дал ушул эмгек темасындагы макалдардын педагогикалык маани-маңызын түшүнүүсүнүн, нравалык-этикалык баасынын, эмоционалдык толгонуусунун деңгээлин төмөндөгү таблицадан байкап көрөлү (6-таблицаны кара).

Мында да балдар менен ангемелешүүдө алардын эмгек маданиятына болгон түз эмоциясынын басымдуу экендигин, ак эмгектин маани-маңызын туура түшүнүшөрүн, эмгекте ар дайым биримдикте ынтымакта болууну жакташарын, жаш кезде эмгектенүү өлкөбүз үчүн зор пайдалуу экендигин билгендиктерин баамдадык. Албетте, алгачкы сыноолордо айрым балдар



6-таблица:

**Накыл кептердеги эмгекке тарбиялоо идеяларын окуучулардын талдай билүүсү**

| № | Макал | Окуучу | Нравалык-этикалык баасы | Эмоц. псих-к толгонуусу | Тарб.маанисин түшүнүүсү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | «Ашың калса калсын, ишиң калбасын» | 26 | Туура айтылган, Тамак күтүп турат, ишти убагында бүткөрүү керек. | Ишин таштап тамакка жүгүргөн – жалкоолук. Азыр көнгөн жалкоолор үчүн башкалар иштеп жатышат. Жалкоолук адамга зыян. | Жалкоо болбоого, эмгекчил болууга тарбиялайт. |
| 2 | «Жашыңда иштеп кал, карыганда эс ал» | 30 | Жаш кезде ден-соолук барда талбай иштеш керек. Карыя болгондо пенсияга чыгып жатышат. Алар сыйга татыктуу. Анткени алар биз үчүн иштешкен. | Жаштардын иштеп, жатканы, аксакал карыялардын, апалардын эс алып, балдары үчүн кубанып турганы алар үчүн кандай бакыт! | Жаш кезде иштеп эмгектенүүгө, карыяларды урматтоого чакырат. |
| 3 | «Көп түкүрсө, көл болот көл каптаса, сел болот» | 21 | Көпчүлүк бириксе, баары биригип бир ишти чогуу аткарса, биримдик, ынтымак болсо, иш бат бүтөт. Адамдардын ынтымактуу болуусун жактырам. | Элибиз ынтымакта, бир тилекте, биримдикте болсо кандай жакшы. Анда элибиз мындан да өнүп-өсмөк! | Балдарды биримдикке, ынтымакка чакырат. Ар дайым ынтымактуу болуубуз керек. |

макалдардын маанисин чечмелөөдө аны түздөн-түз сөзмө-сөз кабыл алгандыктарынын фактылары да учурады. Мисалы, бир окуучу биринчи макалга карата жооп берүүдө, алгач ирет: «Иш кылып жатканда апам тамак ичүүгө чакырса, ишимди кое туруп тамак ичип алмакмын» деп жооп берип, класска күлкү чакырып, анан кийин анын тарбиялык маанисин туура түшүнгөн соң, «мен бул макалдын жалкоолукка каршы экендигин түшүндүм, иш болсо, тамак табылат» деп ондоп жазганы, анын ой жүгүртүүсүндөгү нравалык-этикалык чоң өзгөрүүнү байкоого болот.

**Укуктук-демократиялык тарбия** да элдик тарбиянын бир түрү катары элдик жомоктордун сюжети аркылуу алгач ирет атайын бөлүнүп иликтенгенин айтуу ашыкча болбойт. Тарбиянын бул түрү жана анын идеясы элибиздин жан дүйнөсүнө жакын, менталитетинин өзгөчө бир белгиси экендиги изилдөөдө кенен ачылуу менен, ал идеяларды эне тили сабагында, класстан тышкаркы окууларда балдардын жан дүйнөсүнө жеткирүү зарылдыгы чечмеленет жана алардын маани-маңызы ачылып, иштөө формалары, жүзөгө ашыруу жолдору каралат.

Алар ар бир инсандын граждандык-атуулдук аң-сезимин, демократиялык сезим–туюмдарын калыптандырууга кызмат кылат. Муну баары–элдин кыялынын, фантазиясынын, демократиялык, граждандык ан-сезиминин күчтүүлүгүн жана ага

карата урпактарды тарбиялоонун зарылдыгын туура түшүнгөн педагогикалык акылмандыгын билгизет.

Бул айтылгандарды жомоктордун сюжеттеринин негизинде элестүү кылып төмөндөгүдөй таблица менен берсек болот (7-таблицаны кара):

**7-таблица:**

**Жомоктордогу укуктук-демократиялык идеяларды окуучулардын талдай билүүсү**

| Жомоктун аталышы | Укуктук-демократиялык тарбия проблемалары | Жомоктогу кырдаал |
|---|---|---|
| «Алтын балык» | Падыша да кыйынчылык алдында карапайым адамдар менен бирдей болуусу, «Падышамын» деп, кыйынчылыктан сыртта калбай, эл менен бирге болуусу, элдин пикири менен эсептешүүсү, эл менен кеңешүүсү. | Шаар калкына салык салган ажыдаар, ага салыкка бир кыз берер күн, кезек падышанын кызына келиши. |
| «Өнөрлүү бала» | Адамдын жашына, кызматына, байлыгына эмес, өнөрүнө, билимине карап баалоо, баа берүү. | Падыша баланын байлыгына эмес, өнөрү менен талантына баа берип, кызын колуктулукка бериши. |

Чындыгында, кыргыздардын, башка чыгыш элдери сыяктуу эле өзүнүн укуктук мыйзамдары болгон. Алар азыркы мыйзамдык актылар сыяктуу кагаз бетине жазылбаган болсо да, элдик макалдарга, жомокторго, салт-санааларга, үрп-адаттарга чөгөрүлүп, адеп-ахлактуулуктун, ыймандуулуктун негизинде ишке ашырылып келген, т.а. мыйзамдын милдетин элдик каада-салттар, үрп-адаттар – «тарбия кодекстери» аткарган. Аларды элибиз бала кезинен эне сүтү менен кошо сиңирип, жүрөгүнө түйүп, күнүмкү жүрүм-турумунда кыйшаюусуз сактап, карманган.

Ошондой эле, элдик сөзгө маани берип мамиле жасоо тапкырлыкка, сөз чеберчилигине тарбиялоого үндөөчү элдик ырлар, алардын мааниси, балдардын кеп маданиятын көтөрүү, толеранттуулукка үйрөтүү идеялары да диссертацияда айтылат жана алар менен эне тили сабактарында иштөө ыкмалары каралат. Анын бардык мисалдары элдик балдар ырларынын негизинде иликтенген.

Сыноолордун соңку этабында элдик макал-лакаптардын, жомоктордун жана ырлардын балдарга тийгизген рухий таасирлери боюнча маалыматтардын жыйынтыгында жалпы натыйжа төмөндөгүдөй болду (8-таблицаны кара):

Таблицада көрүнүп тургандай, эксперименттин жыйынтык этабында элдик чыгармалардын ар бир түрү боюнча, Бишкек шаарындагы таза кыргыз мектеби болгон УКГ, таза айылдык мектеп Токтогул районундагы З.Эгембердиев жана орус-кыргыз тилинде сүйлөгөн Кант айылынын мектептеринин окуучуларынын этнопедагогикалык түшүнүктөрүнүн салыштырма иликтөөсү бири-биринен бир топ айырмачылыкка ээ экендиги байкалды (*Эскерте*



**8-таблица:**

**Элдик чыгармалардагы тарбия идеяларын окуучулардын талдап-түшүнүүсүнүн жыйынтык маалыматы**

| Мектептер | Класстар | Жалпы окуучу | Элдик чыгармалардын түрү | | | | | | | | | Өздөштүр % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Макал | | % | Жомок | | % | Эл ыр-гы түшүнүктөр | | % | |
| | | | + | – | | + | – | | + | – | | |
| УКГ-5 | Экс | 104 | 26 | 2 | 92.8 | 42 | 3 | 93.2 | 29 | 2 | 93.2 | 93.5 |
| | Тек | 107 | 26 | 14 | 86.6 | 45 | 7 | 86.5 | 20 | 5 | 80 | 84.1 |
| Кант, №2 | Экс | 112 | 54 | 4 | 93.1 | 20 | 4 | 81.7 | 25 | 5 | 83.3 | 87.4 |
| | Тек | 121 | 35 | 8 | 81.4 | 39 | 10 | 75.5 | 19 | 8 | 65.5 | 77.6 |
| Токто – гул,Эгембердиев | Экс | 98 | 43 | 1 | 98.2 | 22 | 2 | 91.6 | 29 | 1 | 91 | 95.1 |
| | Тек | 103 | 40 | 5 | 86.6 | 16 | 6 | 72.7 | 32 | 4 | 88.8 | 85.4 |

*кетчү нерсе: + белгиси менен балдардын өздөштүрүүсүнүн талаптагыдай деңгээлин, – белгиси менен талаптагыдай эмес деңгээлди туюнттук*).Буга кошумча, балдардын этнопедагогикалык түшүнүктөрүнүн денгээли Бишкек шаарындагы орус-кыргыз тилинде окуган №67 мектепте мындан кыйла айырмалуу экендиги диссертацияда берилген.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Изилдөөнүн жыйынтактарынан улам, башталгыч кыргыз класстарында эне тили сабактарында адабий материалдарды окутууну мындан ары этнопедагогикалык багытта өркүндөтүү үчүн төмөндөгүдөй илимий-методикалык сунуштар иштелип чыкты:

1) Улуттук фольклорубуздун балдарга тиешелүү мыкты үлгүлөрүн, анын ичинде: жомокторду, табышмактарды жана элдик ырлар менен накыл кептердин бардык түрлөрүн элдик таалим-тарбиянын жана дүйнөтаанымдын объектиси катары илимий-теориялык, педагогикалык, методикалык жактан фундаменталдуу келечектүү изилдөөнү жүргүзүү зарылдыгы белгиленди.

2) Балдар фольклорун адабияттаануучулук, этнографиялык жактан гана иликтебей, аны балдарга улуттук тарбия-таалим берүүнүн эң негизги этнопедагогикалык каражат катары таануу

жана аларды мындан ары эне тили окуу китептерине киргизүүдө, методикалык адабияттарда колдонууда дал ушул өңүттө мамиле жасоо максатка ылайык келери далилденди;

3) Кыргыздын улуттук таалим-тарбия салттарын элдик педагогикалык маданияттын негизги белгиси катары кабылдоо жана анын илимий педагогикага кошор, толуктаар алгылыктуу жагдайларын мындан ары да изилдөөнү тереңдетүү иши – кыргыз педагогика илиминдеги приоритеттүү изилдөө экендиги баса көрсөтүлдү;

4) Кыргыз тилин окутууда тилдин илимий негиздерин жаттоого, грамматикалык-фонетикалык талдоолорду жүргүзүүгө гана көңүл бурбастан, балдардын байланыштуу кебин, кеп маданиятын өстүрүү, этномаданий лексикалык түшүнүктөрүн бекемдөө; адабий окуу сабактарында чыгармаларга адабияттаануучулук гана багытта билим бербестен, анын негизинде жаткан элдик педагогикалык ойлор аркылуу балдардын этнопедагогикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу, этнопедагогикалык таалим-тарбия берүү ишине басым жасоо иши – кыргыз адабиятын окутуу методикасы илиминдеги негизги көңүл буруулуучу приоритеттүү багыт экендиги айрыкча баса айтылды;

5) Эне тили боюнча окуу китептерде балдарга жалаң теориялык гана билим берүү ишке ашырылбастан, андагы негизги тексттердин ичинде элдик балдар чыгармаларынын арбын болуусу, тексттен тышкаркы компоненттерди уюштурууда, тапшырма-суроолорду түзүүдө элдик балдар чыгармалардын этнопедагогикалык маанисин ача турган суроо-тапшырмалардын системасын ыраатттуу түзүү, эне тили окуу китептеринин мазмунун этнопедагогикалык багытта өркүндөтүп кайра түзүү, эне тили окуу китептерине улуттук байлык катары баа берүү, анын мазмунун жана структурасын улуттук мааниде өркүндөтүүнүн методикалык принциптери сунушталды, окуу материалдарын тандоо критерийлери белгиленди;

6)Энопедагогикалык багыттагы белгилүү окумуштуулардын эмгектери жалпыланды. Элдик тарбия түрлөрү менен илимий педагогиканын тарбия түрлөрү салыштырылып иликтенди, аларды эне тилинен класстан тышкаркы окууларды жүргүзүүдө кантип пайдалануу керектиги көрсөтүлдү. Элдик балдар чыгармаларынын мисалында, айрыкча, макал-лакаптар менен жомоктордун мисалдарынын негизинде элдик тарбиянын түрлөрү табылып, аларды кыргыз тили, адабий окуу сабактарында кантип пайдаланып, тарбиянын ошол түрлөрүнө жараша кантип



тарбиялык иштерди жүргүзүүнүн методикалык жол-жоболору иштелип чыкты.

7)Этнопедагогикадагы тарбия түрлөрүнүн ичинен балдарга, айрыкча, патриоттук, экологиялык, укуктук-демократиялык жана сөз өнөрүнө тарбиялоо идеялары бүгүнкү күндөгү илимий педагогикага кошо турган баалуу салым болору эксперименттик изилдөөлөрдүн жүрүшүндө далилденди.

8)Эне тили окуу китептеринин мазмунун, анын окуу процессиндеги таанытуучулук, тарбия берүүчүлүк, балдардын кебин, кеп маданиятын өстүрүүчүлүк, эне тилинин ички «духун» түшүндүрүүчүлүк маңызын иликтеп келип, башталгыч класстардын эне тили программаларын, эне тили окуу китептерин, методикалык адабияттарын, класстагы жана класстан тышкарkы бүткүл окуу-тарбия иштерин этнопедагогикалаштыруу, мугалимдердин этнопедагогикалык даярдыгын көтөрүү жумуштарын системалуу жүргүзүү зарылдыгы белгиленди.

## Илимий-изилдөөнүн жыйынтыктары төмөндөгү окуу-нормативдик документтерде, окуу китептерде, илимий-методикалык эмгектерде, макалаларда жайылтылды жана чагылдырылды


**I. Монографиялар:**

1) «Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар жана портреттер», – Б., 1998 (5 б.т.).

2) «Кеп маданиятын өзбек мектептерде окутуу», Ош, 2002 (8 б.т.).

3) Орус мектептерде кыргыз тилин окутуунун проблемалары, – Б., 2002 (8 б.т.).

4) «Кыргыз тили, адабияты окуу китептеринин мазмунун жана түзүлүшүн өркүндөтүү жолдору», – Б., «Мектеп», 1999-ж. (7 б.т.).

5) «Кыргыздын фольклордук педагогикасы», – Б., «Архи», 2004, (23 б.т.).

6) «Улуттук мазмундагы эне тили окуу китептерин түзүүнүн проблемалары», – Б., «Билим куту», (2 б.т.), 2005.

**II. Программа:**

7) Эне тилин окутуунун программасы», китепте: «Башталгыч класстардын программалары», – Б.,«Педагогика»,1999,2002,2003 (0,3 б.т).

**Ш. Окуу китептер:**

8). «Алиппе», башталгыч мектептердин 1 – классы үчүн окуу китеби, Б., «Педагогика», 1989, 1999, 2000, 2001, 2002, 2003, (8 б-т). – Ташкент, «Узбекистон»,2006.

9) «Кыргыз тили», 2-класс үчүн окуу китеби, – Б., «Педагогика», 2000, 2004 (12 б-т). «Кыргыз тили», 2-класс үчүн окуу китеби, «Узбекистон», – Ташкент 2003.

10). «Кыргыз тили», 3 – класс үчүн окуу китеби, – Б., «Педагогика», 2001, 2004 (11 б-т). «Кыргыз тили», 3 – класс үчүн окуу китеби, «Узбекистон», – Ташкент 2004.

**IУ. Окуу хрестоматиялары:**

11). «Дилачар», 1-4 – класс үчүн класстан тышкаркы окуу китеби; Б., «Педагогика», 2001 (4б.т.).

12).«Балапан», 1 – класс үчүн сөз өстүрүү кл. тышкаркы окуу хрестоматиясы, – Б., 1998 (3 б.т.).

13).«Булак», 2–класс үчүн сөз өстүрүү кл. тышкаркы окуу хрестоматиясы, –Б., 1998 (3 б.т.).
14).«Жоогазын», 3–класс үчүн сөз өстүрүү кл. тышкаркы окуу хрестоматиясы, –Б., 1993, 1998 (5 б.т.).
15).«Шайыр тамгалар», («Алиппеге» кошумча окуу курал-хрестоматия), –Б., «Педагогика», 1999. 2 б.т.).

**V. Методикалык көрсөтмөлөр, колдонмолор, кошумча окуу куралдары:**

16). Педагогикалык тажрыйба: изденүүлөр жана табылгалар, авторлош, –Ф., «Мектеп», 1989–ж.
17).«1–класста окуучулардын сабатын ачуу жана рухий тарбия берүү проблемалары, («Алиппе» окуу китебине методикалык көрсөтмөлөр), –Б., «Педагогика», 2000, 2002, 2004 (4 б.т.).
18) «Окуучунун дилбаяны», –Б., «Педагогика», 1998, (4 б.т.), –Б., «Шам», 2003, (6 б.т.).
19). «Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо», –Б., 1998 (7 б.т.).
20). «Чыпалак бала» (диафильм, элдик жомоктун негизинде) 1-4-класстын окуучулары үчүн, –Б., Кыргызфильм, 1992.
21).Башталгыч класстарда кыргыз тилинен жатжазуу жумуштарын жүргүзүүнүн технологияларын өркүндөтүү (мугалимдер үчүн методикалык колдонмо), –Б., «Бийиктик», 2005, (авторлош).

**У1. Энциклопедияларда:**

22)«Алиппе», «Алиппге чейинки мезгил», китепте: «Кыргыз педагогикасы», –Б., «Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору», 2005
23)«Алиппе», китепте: балдар үчүн энциклопедия: «Бул ким, ал эмне?», –Б., «Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору», 2004.

**V11. Илимий-методикалык макалалар:**

**а) *илимий-методикалык жыйнактарда*:**

24). «Кеп маданияты-рухий маданияттын негизи», жыйнакта: «Окутуу жана тарбиялоонун орчундуу маселелери», –Б., 1998, 2-чыг.
25). «Урпактар тарбиясы жана андагы элдик тарбиянын ролу», жыйнакта: «Окутуу жана тарбиялоонун орчундуу маселелери», –Б., 1999, 3-чыг.
26). «Элдик тарбиячы», китепте: «Түгөлбай Атага таазим», –Б., 2003.
27). «Билимди глобализациялоо кезинде улуттук окуу китептерин түзүү проблемалары», Сорос-Кыргызстан фонду, «Новая школа-Новый учитель», вып.1. –Б., 2003.
28). «Кыргыз тили жана адабиятын мектепте окутуунун калыптанышы», китепте: «Из истории педагогической науки в Кыргызстане», (К 50-летию КИО) вып.2, –Б., «Педагогика», 2003.

**б) *Эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференциянын материалдарында*:**

29) «Казак жана кыргыз элдеринин чечендин сөздөрүндөгү элдик педагогикалык идеяларын адабият сабагында пайдалануу», (авторлош), китепте: «Этнопедагогика жане этнопсихология», (улттук талим-тарбие), М.О. Ауэзовдун туулганынын 150 жылдыгына арналган илимий-теориялык конф-нын баяндамалары, 3-жыйнак, –Алматы, «Эверо», 1997.
30).»Абай, Токтогул жана Барпынын дидактикалык чыгармаларын окуп-үйрөнүүдө окутуу менен тарбиялоону бирдикте жүргүзүү», китепте: «Этнопедагогика жане этнопсихология», (улттук талим-тарбие), М.О. Ауэзовдун туулганынын 150 жылдыгына арналган илимий-теориялык конф-нын баяндамалары, 3-жыйнак, –Алматы, «Эверо», 1997.
31). «Кыргыз билим берүү академиясы-этнопедагогикалык изилдөөлөрдүн борбору», китепте «Шеймановские чтения», вып 1, –Б, 2005.



32)«Элдик макал-лакаптарда келин-кыздарга адептик-ыймандык тарбия берүү», «Аялзат жана билим», –Б., 1996, (8 бет).
33)«Баштооч этапта эне тилин таанып билүү жана рухий маданиятты калыптандыруунун мааниси», Проблемы и перспективы развития педагогического образования в современных условиях, Материалы Международной научной конференции, –Б., Том II, Б., 1997, (8 бет).
34) «Кыргыз балдар адабиятынын таалим тарбия берүүчүлүк мааниси тууралуу», (8 бет). Проблемы обновления школьного образования, Материалы Международной научной конференции, 20-21. 01. 2000, часть I, –Б., 2000.
35) «Жомокторубуздагы элдик таалим-тарбия тууралуу», 7 бет, Проблемы обновления школьного образования, 20-21/ т., 2000, часть II, –Б., 2000.
36) «Үй-бүлө педагогикасы жана анын идеяларын кыргыз адабиятын мектепте окутууда колдонуу», 6-бет, Материалы Междунар.конф. 22-23.10, 2001, «Образование в XXI веке: ценности и перспективы», –Б., 2001, часть I.
37)«Кыргыз тили сабагында текст менен иштөө, тексттин тематикалары жана сөз өстүрүү жумуштарын жүргүзүү» (авторлош), (5 бет), Материалы Международной научно-практической конференции, «Образование в XXI веке:ценность и перспективы», часть 3, –Б., 2002.
38). «Элдик педагогикага ширелген баян», (КММУ, К.Сартбаевдин 90 жылдыгына карата илимий-практикалык конференция), (8 бет), –Б., июнь, 2002-ж.
39). «Башталгыч мектептер үчүн эне тили окуу китептерин түзүүнүн принциптери тууралуу», китепте: «Бектурсун Алымов», профессор Б.Алымовдун 70 жылдыгына арналган илимий конф-нын матер-ры, –Б., 2003.
40) «Элдик балдар ырларындагы эмгекке тарбия берүү боюнча этнопедагогикалык идеялар», профессор Ж.Шериедин 70жылдыгына арн. ил. практ. конф., –Ош., №3, 2004.

**в) *Илимий-методикалык, адабий-көркөм, коомдук-саясий журналдарда:***

41)«Эне тилибизди кантип окуйбуз?» //«Эл агартуу», 5 бет, –Б., 1998, №4.
42) «Эне, арча бешик жана бешик ыры», 7 бет,//«Кырчын», –Б., 1993, №1.
43). Адабият-ыйман сабагы же адабиятты мектепте окутуунун айрым маселелери тууралуу ой толгоо,// «Эл агартуу», (6 бет), –Б., 1988, №10.
44).«Кенжелерибизди кантип унуттук?»,9 бет,//«Кырчын», –Б.,1993, №7-8.
45).«Арыба, Ак кеме, мен келдим», (Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестиндеги «Бугу эне» жомогу боюнча сабак-инценировка), –Б., //«Эл агартуу», 1988, №12, 15бет.
46).«Токтогул менен Барпынын дидактикалык ырларындагы тарбия берүү идеялары», –Б., //«Кырчын», ..
47) «Ырга баткан дүйнө» (А.Кадыровдун балдар поэзиясындагы тарбия маселелери), –Б., //«Кырчын», №4, 6 бет.
48) «Эне тили сабагындай» (Т.Самудиновдун балдар ырлары жөнүндө), –Б.,//«Кырчын», 1997, №1, 5 бет.
49) «Сөз жөнүндө дастан», –Б,. //«Кырчын», 1998, №1-2, 5 бет.
50) «Тилиң-ыйманың», (Эне тилиндеги кеп маданияты тууралуу), –Б.,«Кырчын», 1998, №3-4, 6 бет.
51) «Дүйнөнү баланын көзү менен...» (К.Жунушевдин чыгармачылыгы жөнүндө), –Б., // «Кырчын», 1996, 6 бет.
52) «Эне тилин окутууда окуучуларга руханий тарбия берүү проблемалары», –Б., // «Эл агартуу», 1998, №5, 12 бет.
55)«Кыргыз балдар фольклорундагы тарбия берүүнүн табияты», –Б., // «Мектеп-Школа», 2000, 9 бет.
56)«Кыргыз элинин ырым сөздөрү», –Б., //«Кырчын», 2001, №1, 7-бет.
57)«Элдик накыл кептердин өзгөчөлүктөрү», –Б., //«Образование в Кыргызстане», 2001, №1, 9 бет.

58)«Макал-лакаптардагы таалим-тарбия берүү идеялары», – Б., // «Илим жана технология», 2001, №1, 9 бет.
59)«Алиппенин оозеки курсунда акуучулардын сабатын ачуу менен бирге таалим-тарбия берүү», «Мектеп-школа», – Б., 2002, № 3. (5 бет)
60)«Маалыматтык окутуудан – максаттуу билим берүүгө», – Б.,// «Мектеп-Школа», -Б., №1, 3003.
61)«Кыргыз элинин макал-лакаптаындагы адеп-ахлакка, элдик этикага калыптандыруу идеялары», // «Социальные и гуманитарные науки», – Б., 2001,№1-2, 8 бет.
62)«Алиппенин» оозеки курсунда аңгемелешүү жана рухий тарбия берүү проблемалары, – Б., //«Мектеп-Школа», 2002, №1, 8 бет.
63)«Сөз кудурети-эне тилде», – Б., // «Кырчын», 2001, №3, 8 бет.
64)«Эненин бешик ыры-өмүрдүн башаты», 2002, №1,2,3,4, 8 бет.
65) «Башталгыч класстарда эл адабиятын окуп-үйрөнүүнүн этнопедагогикалык, лингвистикалык жана методикалык проблемалдары», «КББАнын кабарлары», – Б., №1, 2004
66) «Кыргыздын элдик накыл кептеринин педагогикалык мааниси», «КББАнын кабарлары», – Б., №2, 2005.
67) «Кыргыз балдар фольклорунун изилденишинин жана мектепте окуп-үйрөнүлүшүнүн урунттуу проблемалары жана негизги тенденциялары», // «Известия ВУЗов», №5, – Б.,2005
68) «Кыргыз элинин улуттук педагогикасынын таалим-тарбия салттары, аларды мектепте эне тили сабагынын тарбия берүүчүлүк маанисин өркүндөтүүдө колдонуу проблемалаы», // «Социальные и гуманитарные науки», №3, – Б., 2005
69) «Элдик талим-тарбия менен илимий педагогикадагы таалим-тарбия идеяларынын жалпылыктары жана тарбия түрлөрү»,//»Социальные и гуманитарные науки», №3, -Б.,2005.
70)»Айтыш түрүндөгү элдик балдар ырларында сөз өнөрүнө, тапкырлыкка жана толеранттуулукка үйрөтүү идеялары», // «Известия ВУЗов», №5, – Б.,2005.
71) «Кыргыздын элдик жомокторундагы жана накыл кептериндеги урпактардын укуктук-демократиялык түшүнүктөрүн калыптандыруу идеялары – эне тили сабактарында», // «Наука и новые технологии»,№ – Б.,2006.
72) «Риторикалык көнүгүүлөр жана алар менен иштөө жолдору», (авторлош), // «Наука и новые технологии», – Б.,2006.



Рысбаев Сулайман Казыбаевичтин
13.00.01 – жалпы педагогика, 13.00.02 – окутуунун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) адистиктерине ылайык "**Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү (улуттук балдар фольклорунун материалдарына таянуу менен)**" аттуу темада жазылган диссертациянын
**резюмеси**

**Түйүндүү сөздөр:** адабият, эне тили, элдик педагогика, этнопедагогика, улуттук балдар фольклору, адабий үлгү, улуттук маданий дөөлөт, этнографиялык булак, этнопедагогикалык каражат, элдик тарбиячылар, этнопедагогикалык түшүнүк, элдик педагогикалык маданият, экологиялык маданият, патриоттук тарбия, демократиялык укуктук түшүнүк, сөз өнөрү.

**Изилдөө объектиси:** жалпы билим берүүчү мектептердин башталгыч кыргыз класстарында кыргыз тили жана адабий окуу предметтерин өздөштүрүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** кыргыз балдар фольклорундагы педагогикалык идеялар, таалим-тарбия түрлөрү, алар аркылуу эне тилин окутууну этнопедагогикалык негизде өрүндөтүүнүн келечектүү маселелери.

**Изилдөө максаты:** кыргыз башталгыч мектептеринде эне тилин окутууну улуттук балдар фольклорунун мыкты үлгүлөрүн пайдалануу менен этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу.

**Изилдөө методдору:** • темага ылайык теориялык-методикалык жактан иликтөө, жалпылоо, системалоо, синтездөө, ага комплекстүү мамиле жасоо;
• аңгемелешүү; анкета жүргүзүү, байкоо, жыйынтыктарын анализдөө, педагогикалык эксперимент жүргүзүү, анын рейтингдик жыйынтыктарын, мониторингдик көрсөткүчтөрүн сандык жана сапаттык жактан иликтеп-талдоо.

**Изилдөөнүн теориялык жаңылыгы:**
– кыргыз балдар фольклорундагы элдик таалим-тарбиянын бүгүнкү күндөгү рухий маанисин, практикалык ролун жана педагогикалык илимдин өнүгүшүндөгү ордун, теориялык-методикалык баалуулугун ачуу жана кыргыз педагогика илиминин андан ары өнүгүүсүнө жекече салым кошуусу;
– башталгыч мектепте окуучулардын этнопедагогикалык маданиятын калыптандыруунун жана эне тилин окутууну бул багытта өркүндөтүүнүн келечектүү багыттарынын илимий-методикалык негизде иликтениши, бул иш-аракеттерди комплекстүү жүзөгө ашыруу, анын синкреттүү формасы болуп саналган эне тили окуу китептерин улуттук мазмунда түзүүнүн дидактикалык-методикалык талаптарынын иштелип чыгышы;

**Изилдөөнүн практикалык баалуулугу:**
– балдар фольклорун этнопедагогикалык негизде изилдеп-үйрөнүүдө, башталгыч мектепте эне тилин окутууну, мугалимдердин билимин жана "Эне тили", "Адабий окуу" китептерин, окуу-усулдук адабияттарды, улуттук мазмунда өркүндөтүүдө негизги методикалык эмгек болот;

**Изилдөөнүн практикада колдонулуу деңгээли:**
Изилдөө иши 1990 – жылдан бери карай теориялык иликтөө, жалпылоо түрүндө жүргүзүлдү, башталгыч кыргыз класстарынын эне тили программасы, «Алиппе» жана "Кыргыз тили" (2 – 3 – кл.) окуу китептери, 6 монография, 5 хрестоматия, 4 методикалык колдонмо, 40тан ашык илимий-педагогикалык, методикалык макалалар жыйнактарда, журналдарда, "Вестниктерде"ж.б. жарыяланган, жайылтылган.

**Изилдөөнүн колдонулуу областы:** башталгыч класстарда билим берүүнү этнопедагогикалаштырууда этнопедагогдор, окумуштуу-методисттер, мугалимдер, аспиранттар, окуу китептин авторлору колдонот.

## РЕЗЮМЕ

докторской диссертации Рысбаева Сулаймана Казыбаевича на тему **"Совершенствование преподования литературы в начальной школе на этнопедагогической основе (с опорой на материалы национального детского фольклора)"** по специальностям: 13.00.01 – общая педагогика, 13.00.02 – теория и методика обучения (кыргызская литература)

**Ключевые слова:** литература, родной язык, народная педагогика, этнопедагогика, национальный детский фольклор, литературное наследствао, национальное культурное богатство, этнографический источник, этнопедагогические средства, народные воспитатели, этнопедагогические понятия, народная педагогическая культура,, экологическая культура, патриотическое воспитание, демократическое-правовое воспитание, искусство слова.

**Объект исследования:** процесс усвоения предметов кыргызского языка и литературного чтения в начальных кыргызских классах.

**Предмет исследования:** лучшие образцы кыргызского детского фольклора изучающихся в начальных кыргызских классах, народные педагогические идеи составляющие их основы, совершенствование на этнопедагогической основе обучение родному языку.

**Цель исследования:** разработка научно-методических основ совершенствования на этнопедагогической основе преподования родного языка в начальных кыргызских школах с использованием лучших образцов национального детского фольклора.

**Методы исследования:** • теоритеческие, методически исследования и обобщение; систематизация, создание комплексное отношение на воспитание;

• беседа, проведение анкеты, анализ и синтез их результатов; наблюдение, проведение педагогического эксперимента, анализ и анализ их рейтинговых результатов, мониторинговых показателей.

**Теоретическая новизна исследования:** – личный вклад в развитие науки кыргызской педагогики и духовной значимости, практическую роль и место развития педагогической науки теоретико-педагогическую значимость народного воспитания, составлящего основу кыргызского детского фольклора;

– исследование на научно-методической основе перспективных направлений развития обучения родного языка и формирование этнопедагогической культуры учащихся начальных школ, разработать новый модель учебников по родному языку нового образца, которые является синкретизированной формой комплексного осуществления названных задач.

**Практическая значимость исследования:** – служит основным методическим трудом в исследовании детского фольклора на этнопедагогической основе, в совершенствовании обучения родного языка и в проведении воспитательной работы в начальной школе, в переподготовке учителей по направлениям этнопедагогики;

– руководствуются авторами в создании хрестоматий, учебно-методических пособий, учебников "Алиппе", "Кыргыз тили", "Адабий окуу" нового поколения, национального характера.

**Состояние использования исследования на практике:** исследование проводилось с 1990 года в виде общего теоретического исследования, созданы и опубликованы программа родного языка для начальных кыргызских классов, учебники "Алиппе", "Кыргыз тили" (для 2-3 классов), 6 монографий, 5 хрестоматий, 4 методичесих пособий, более 40 статей были опубликованы в сборниках, журналах и в "Вестниках".

**Область использования исследования:**

Используется специалистами этнопедагогами, учителями, учеными-методистами, аспирантами, авторами учебников по родному языку.





## *Resume*

**Rysbaev Sulayman Kazybaevich**

General Pedagogics – 13.00.01

Theory and Methods of teaching – 13.00.02

***Dissertation theme***: " Native Language Teaching Improvement in Kyrgyz primary classes on the base of ethnopedogogics"
( on the base of national children's folk material)

***Key words***: native language, national pedagogics, ethnopedogogics, national children's resources, ethnopedogogics finance, national trainers, children's idea of ethnopedogogics national culture, ecological culture, patriotic education, democratic national idea, word art.

***Research object:*** Kyrgyz primary classes of secondary schools, the process of teaching " Kyrgyz language and literary reading" lessons.

***Research aims:*** The best model of national children folk in teaching native language at Kyrgyz primary school and working out of scientific-methodical improvement on the base of ethnopedogogics.

***Research methods:*** a) theoretical methods:
World outlook investigation, the philosophical, pedagogical and theory-methodical role of upbringing person, systematization of folk education, systematical treatment to modern education at primary schools, where native language is taught.

b) practical methods:

- Interviewing school students and teachers;
- Application fulfilling;
- Analyzing the results, syntez;
- Education process observation;
- Generalizing.

***Research subject:*** Suitable models of Kyrgyz folk for teaching Kyrgyz primary classes children.

National pedagogic ideas, the ways of well bringing up, future tasks of composing national textbooks of native language, and their usage for teaching on the base of ethnopedogogics

***Research theoretical innovation:*** Moral consideration of national upbringing children at present, which is the plot of Kyrgyz children folk. Its practical role in pedagogical science development, theoretical-methodical evaluation and its innovation to the science of Kyrgyz Pedagogic.

Teaching native language and children's ethnopedogogical culture formation development in the direction of scientific – methodological research

Working out of requirements, new models of didactic – methodological contents of national native language textbook making. The syncretism form of complex usage is native language.

***Research practical evaluation:*** This dissertation would be the main methodological work in retraining teachers ethnopedogogically and in improving curriculum training skills, while teaching native language and in researching children' folk.

New generational and national content " Native language", " Literary Reading" textbooks renovation, remaking literature and readers with their authors would be headed by.

***The level of research in practice***: Research jobs are being done from 1990 to present theoretically, generalizing. The Program for teaching Kyrgyz language at primary classes was done.

"Alipe and Kyrgyz tili" ( for the second and third forms) textbooks, 6 monographs, 5 readers and 4 methodical appliances, more than 40 scientific-pedagogical and methodical articles were published in collections and magazines and were discussed in Republican, International Conferences.

***Research usage area***: Ethnopedogogues and specialists, who work in the direction of primary classes teachers.